# БҮТ НЕРСЕНИН ЖАКШЫ ТАРАБЫН КӨРҮҮ

**... (Кээде) бир нерсени жаман көрүшүңөр мүмкүн.**
**Бирок ал силер үчүн бир жакшылык болот.**
**Ошондой эле (кээде) силер жакшы көргөн нерсе**
**өзүңөргө жамандык болуп чыгат.**
**Аллах билет, силер билбейсиңер.**
**(Бакара Сүрөсү, 216)**


## ХАРУН ЯХЬЯ- АДНАН ОКТАР

## HARUN YAHYA

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

Birinci  baskı: Ekim 2000
İkinci baskı: Şubat 2002
Üçüncü baskı: Temmuz 2005
Dördüncü baskı: Eylül 2005
Beşinci baskı: Şubat 2006
Altıncı baskı: Ağustos2006
Yedinci baskı: Ekim 2008

**ARAŞTIRMA YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İşmerkezi
A Blok Kat 4
Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Entegre Matbaacılık
Sanayi Cad. No: 17
Yenibosna-İstanbul
Tel: (0 212) 451 70 70

**www.harunyahya.org - www.harunyahya.net**

# МАЗМУНУ


КИРИШҮҮ

БҮТ НЕРСЕНИ ЖАКШЫЛЫККА ЖОРУУ

КАРАҢГЫ АДАМДАРДЫН ОКУЯЛАРГА КӨЗ-КАРАШЫ

ЖАКШЫЛЫКТАРДЫ КӨРӨ АЛУУНУН ЖОЛДОРУ

ЫЙМАНДУУЛАР ҮЧҮН АР БИР ОКУЯДА
ЖАКШЫЛЫК БАР

ОКУЯЛАРДАГЫ ЖАКШЫЛЫКТАРДЫ КӨРҮҮГӨ
ЖОЛТОО БОЛГОН СЕБЕПТЕР

ПАЙГАМБАРЛАРДЫН ЖАНА ЫЙМАНДУУЛАРДЫН
ӨМҮРЛӨРҮНӨН МИСАЛДАР

АЛЛАХТЫН ИШЕНГЕНДЕРГЕ УБАДАСЫ ЖАНА ЖАРДАМЫ

ЖЫЙЫНТЫК

ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

# ОКУРМАНГА

•Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

•Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

•Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динди жокко чыгарууда өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленип, аларды калпка чыгара албай келишүүдө.

•Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешип окушса да болот. Бул китептерден пайдаланууну каалагандардын чогуу маектешип, тажрыйба жана пикирлери менен бөлүшүшү да пайдалуу болот.

•Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

•Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адеп жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу сөздөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлгөн. Башталгыч, орто мектепти жана лицейди Анкарада бүтүргөн. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алган. 1980-жылдардан бери ыймандык, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон тымызын байланыштарын ачып көрсөткөн абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын болсо акыркы пайгамбар экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол башчы кылууда. Ушундайча атеисттик философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акылдуу жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – бул Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, жана натыйжада адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыкты (Аллахты) тануучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилдерге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окурмандары тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл менен жазылган, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Учурда бардык атеисттик, материалисттик агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилди.

Күмөнсүз, мындай өзгөчөлүктөр Курандын терең мазмундуулугунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашына шарт түзгөн, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуунун ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин жакшы натыйжага жетиши кыйын. Бул боюнча күмөн санагандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектериндеги негизги максаттын атеизм менен күрөшүү жана Куран адеп-ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасиринен, ийгиликтеринен жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулумдуктар жана баш аламандыктар, Мусулмандар тартып жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран адеп-ахлагын адамдарга жеткиликтүү кылып түшүндүрүү зарыл. Зулумдуктар, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, 21-кылымда дүйнөдөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттүүлүккө, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болмокчу.

# КИРИШҮҮ

Өткөн өмүрүңүздү карап, ушул күнгө чейин башыңызга келгендерди эстесеңиз, он жылдарга созулган окуялардын негизи бир канча мүнөттөн ашпай турганын көрөсүз. Бир кездерде өтө маанилүү деп ойлогон, кээде толкундануу менен, кээде тынчсыздануу менен, кээде болсо кызыгуу менен күткөн окуяларыңыздын баары эми сиз үчүн бир эскерүүгө гана айланган. Алардан бул дүйнөгө тиешелүү эсиңиздеги маалыматтар гана калган. Бирок ал убакыт ичинде айткан ар бир сөзүңүз, жасаган ар бир ишиңиз, ичиңизден ойлонгон ар бир оюңуз Аллах Кабатында сакталуу турат.

Ар бир адам сөзсүз туш боло турган өлүм менен бирге бул маалыматтар алдыңызга төгүлөт. Сиздин эсиңизде бир канча мүнөттөй гана калган өмүрүңүз Аллах Кабатында сизге ар бир көз ирмеми менен, мүнөт мүнөт, бир секундасы да калбай, толук көрсөтүлөт.

Эгер өмүрүңүздү Аллахтын жашооңузду толук башкарып тураарын жана эмне максатта жаратканын билип өткөргөн болсоңуз, башыңызга келген бүт окуяларды жакшылакка жоруп, Аллахтын тагдырыңызды сиз үчүн эң жакшы боло тургандай кылып жаратканын түшүнсөңүз, анда сизди күткөн жыйынтык кайра эле жакшылык болот.

Себеби өлүмдөн соң адам кабыла турган эки гана ыктымалдык бар; эгер адам өмүрүн Аллах ыраазы боло турган кулк-мүнөз менен өткөрсө, түбөлүк бир кутулууга жетет, андай кылбаган болсо түбөлүк бир азапка туш болот. Аллах ыраазы боло турган кулк-мүнөз болсо мындай: адам бүт нерсенин Андан келгенин билип, дайыма ар кандай шартта Ага шүгүр кылып, бүт өмүрүн ар бир окуяда бир жакшылык бар экенине ишенип өткөрүшү керек.

Адамдын башына келген бүт окуялардан ыраазы болушу, ар бир окуяда бир жакшылык бар экенине ишениши жана дайыма Аллахка шүгүр кылып жашашы болсо өтө оңой. Аллахтын улуулугун жана кудуретин түшүнгөн ар бир адам сөзсүз ошентип жашайт. Бул үчүн адамдын жашап жаткан дүйнөсүн жана ал дүйнөдөгү бүт нерсени жараткан Раббибизди таанып, Аны кудуретин жакшылап түшүнүшү жетиштүү болот.

Адам бул дүйнөгө келгенден баштап башына келген окуялардын баарын, уккан ар бир сөзүн, көргөн нерселеринин баарын Улуу Аллах жараткан. Аллах чексиз кудуреттүү, чексиз акылдуу, чексиз адилеттүү жана чексиз даанышман.

Куранда «Эч күмөнсүз, Биз бүт баарын тагдыр менен жараттык» (Камер Сүрөсү, 49) аяты менен кабар берилгендей, Аллах бүт нерсени белгилүү бир план жана максат менен жаратат. Аллахтын мындай чексиз кудурети жана улуулугу алдында адам болсо өтө чектүү жана алсыз болуп калат.

Жашаш үчүн Аллахтын ага мүмкүнчүлүк беришине жана жакшылыктар тартуулашына муктаж. Акылы менен түшүнүгү Аллах ага үйрөткөн нерселерди гана түшүнүүгө жетет. Ошондуктан, Аллахтын чексиз акылына жана чексиз даанышмандык менен жараткан тагдырына моюн сунуу адамдын негизги бир муктаждыгы. Ар бир

башына келген окуяда Аллахтын бүт ааламдын жана бүт жандыктардын өкүмдары экенин билип, ал көрө албаган, биле албаган окуяларды Аллахтын көрүп билээрин, ал уга албаган үндөрдү Анын угаарын, жана ал кабарсыз болгон өткөн жана келечектеги бүт окуяларды Раббибиздин билээрин ойлонуп, Аллахтын бүт окуяларды эң даанышмандык менен, эң жакшы боло тургандай кылып жаратканын түшүнөт. Бул чындыкка ишенүү аны өмүрүнүн ар бир көз ирмемине шүгүр кыла алууну билген бийик кулк-мүнөздүү кылат. Башкача айтканда, адам ушундай ыйман себептүү уккан ар бир үнүнө, көргөн ар бир көрүнүшкө, башына келген ар бир окуяга, кыскасы, өмүрүнүн ар бир көз ирмемине «жакшылык көзү менен карайт» жана натыйжада жашоону эң чыныгы жана эң туура түшүнгөн болот.

Жана аятта «Биз ага жолду көрсөттүк; (эми ал) же шүгүр кылуучу болот же шүгүрсүз» (Инсан Сүрөсү, 3) деп кабар берилген варианттардын арасынан эң туурасын тандап, жашоонун эң жакшы натыйжасын алат жана Аллахтын уруксаты менен эң жакшы жашоого, түбөлүк бейиш жашоосуна жетүүнү үмүт кылат.

Бул китептин максаты – адамдарга өмүрдү, ар бир көз ирмемди, ар бир окуяны жакшылыкка жоруп жашоонун сонун экенин көрсөтүү, жана тагдырдын ар бир секундасына жакшылык көзү менен кароонун адамга дүйнө жана акыретте алып келе турган жакшылыктарын эстетүү. Ошондой эле, адамдын жакшылыктарды көрүшүнө тоскоол болгон пардаларды ачып, туура эмес жашоодон кутулушуна көмөкчү болуу.

Адамды тагдырынын ар бир көз ирмемине тили менен эле эмес, жүрөгү менен да «мында да бир жакшылык бар» дей ала турган, башына келген кыйынчылыктарга чыдап эмес, чын жүрөктөн моюн сунуп, ыраазылык менен сабыр көрсөтө ала турган бир кулк-мүнөзгө үндөө. Тагдырдын кемчиликсиз жаратылганын эске салуу менен, бүт ыймандууларды Аллахтын чексиз акылына моюн сунуп, дайыма жакшы маанайда жашоого чакыруу.

# БҮТ НЕРСЕНИ ЖАКШЫЛЫККА ЖОРУУ

Окуяларды жакшылыкка жоруу негизи көп адамдар билген бир сөз. Көп адамдар күнүмдүк жашоосунда көп жолу «мында да бир жакшылык бар» же «бир жакшылык бардыр» деген сыяктуу сөздөрдү айтышат. Бирок бул көбүнчө ооз көнүп калгандыктан же бул сөздөр эл арасында салтка айланып калгандыктан айтылат. Болбосо, ал адамдар жакшылыкка жоруунун эмне мааниге келээрин же бул түшүнүктүн күнүмдүк жашоодогу ордун билишпейт. Ал тургай, кээ бирлер бул сөздүн жөн эле сөз эмес, жашоодо өзүнүн мааниси бар экенин да билишпейт.

Бирок адам жакшы же жаман, оң же терс сыяктуу көрүнгөн бүт окуяларды, эмне гана болбосун, сөзсүз жакшылыкка жорушу Аллахка болгон чын ниеттүү ыймандан келип чыккан бир кулк-мүнөз жана ыймандан келип чыккан бир жашоо формасы болуп саналат. Жана бул чындыкты түшүнүү адамга дүйнөдө жана акыретте бүт сый-жакшылыктардын эшигин ачып, адамдын жашоосуна бейпилдик менен эсенчилик алып келет.

Бир ыймандуунун эч нерсеге кайгырбай, пессимизмге түшпөшү анын ыйманды туура түшүнгөнүн көрсөтөт. Башына келген окуяларга жакшылык көзү менен карабай, дайыма тынчсызданып, үмүтсүз маанайда жашоо, терс окуялар болот деп күтүү, кайгырып сезимдерге алдыруу болсо таптаза, ачык бир ыйманды бүдөмүк түшүнүүнүн белгиси болот. Мындай бүдөмүктү эч кечиктирбей алып салып, үзгүлтүксүз ыйман кубанычын жашоонун бир мүнөзүнө айландыруу керек. Аллахка ыйман кылган бир адам терс же туура эместей көрүнгөн бир окуяга кабылганда, негизи мунун ал үчүн сөзсүз эң жакшысы экенин билиши зарыл. «Терстик», «кааланбаган нерсе», «аттиң» сыяктуу сөздөрдү болсо сабак алуу максатында гана колдонушу шарт. Б.а. «бул окуянын бир жакшы тарабы бар, бир максаты бар, бирок эмки жолу бул катаны кылбайын, азыр үйрөнгөндөй туурасын кылайын» деген көз-караште болушу керек. Кайра ошол эле кыйынчылыкка кабылса же ошол эле катаны кетирсе, кайра эле бир жакшылык жана бир максат менен жаратылганын эч унутпай, «эмкисинде туурасын кылайын» деп ниет кылышы зарыл. Ал тургай, бир эле окуя бир канча жолу кайталанса да, ошондо да мусулман үчүн мында бир жакшылык бар экенин билиши керек; себеби бул Аллахтын мыйзамы жана Аллахтын мыйзамы эч качан бузулбайт.

Бир адам Аллахтан келген жакшылык менен даанышмандыктын эч тынымсыз уланаарын билгенде көңүлү тынчтанып, бир калыптуу болот. Бул акыйкатты түшүнүү дүйнөдө ыймандуу үчүн чоң бир сый-жакшылык болот. Динден алыс, Аллахка ишенбей жашаган адам дайыма азап ичинде болот; бүт окуяларды өзүнүн зыянына деп жоромолдойт. Жана ошол себептүү дайыма кыйналып жашайт. Ыймандуу адам болсо окуялардын түпкү максаты менен жакшылык тараптарын көрүп, кубанып жашайт.

Мына ушул себептен орто бир мамиледе болуу, башына келген окуяларды жакшылыкка да, жамандыкка да жоруп, азап тартуу акыретте ыймандууну өтө уялтышы

мүмкүн. Ушунчалык ачык жана жөнөкөй бир чындыкты жалкоолук жана капылеттик себебинен түшүнмөксөн болуу, жүрөк менен акылга толук кабыл алдырбоо акыретте жана дүйнөдө азап ичинде жашоого себеп болушу мүмкүн. Аллах даярдаган тагдырдын бүтүндөй кемчиликсиз жаратылганын билүү керек. Миллиондогон окуядан турган бул бүтүндө жакшылык көзү менен караган адам үчүн жакшылыктар жана терең даанышмандыктар гана бар. Ыймандуу бир адам эрки менен акылын колдонуп эч бир окуяда шайтандын тузагына түшпөйт. Окуянын абалы, кишилери, күнү, орду кандай гана болбосун, баарынын бир жакшылык экенин унутпайт. Өзү да ошол учурда ал жакшылыкты байкай албашы мүмкүн, бирок эң негизгиси бүт нерсенин жакшылык менен жаратылганына толук ишенүү керек.

Бирок адам табияты шашма болгондуктан, кээде башына келген окуядагы жакшылыкты ошол замат көргүсү келиши мүмкүн. Эгер аны ошол учурда көрө албаса, өзүнүн зыянына боло турган нерселерде кежир мамиле жасашы ыктымал. Куранда адамдын мындай шашма тарабы төмөнкүдөй кабар берилген:

**Адам жакшылыкка дуба кылгандай жамандыкка да дуба кылат. Адам өтө шашма. (Исра Сүрөсү, 11)**

Бирок адам өзү туура жана жакшы деп ойлогон нерселерде өжөрлөнүп, аларга жетүүгө шашылып, ошолорду эңсей бербей, Аллах алдынан чыгарган окуялардагы сырлар менен жакшылыктарды көрүүгө аракет кылышы зарыл. Мисалы, бир адам материалдык байлыгынын көбөйүшүн өтө каалап, ал үчүн аракет кылып жаткан болушу мүмкүн. Бирок канча аракет кылса да көпкө чейин, ал тургай, эч качан бул ишке ашпашы ыктымал. Муну өзүнүн зыянына деп ойлогон адам болсо жаңылат. Албетте, бүт адамдар Аллах ыраазылыгы үчүн колдонуу максатында мал-мүлккө бай болоюн деп дуба кылышы мүмкүн. Бирок бул кечигип жатса же эч ишке ашпай жатса, мында чоң жакшылыктар бардыр. Балким руханий жактан белгилүү деңгээлге жетилбей туруп, байлыкка жетүү адамды Аллахтын жолунан адаштырып, шайтандын тузагына түшүрүшү мүмкүн. Мындай нерсенин артында адам жакынкы келечекте көрө турган же акыретте гана түшүнө турган ушул сыяктуу дагы көптөгөн жакшылыктар жашырылган болушу ыктымал. Дагы бир мисал катары, бир ишкер өз ишинде чоң ийгиликке жете турган өтө маанилүү бир чогулушка катыша албай калышы мүмкүн. Бирок балким ал чогулушка барса жолдо бир кырсыкка кабылышы же чогулуш башка бир шаарда болсо бараткан учагы кулап түшүшү ыктымал эле.

Албетте, булар жалпы мисалдар жана ар бир адам өмүрүндө ушул сыяктуу окуяларга кабылган болушу мүмкүн. Бир караганда терстей көрүнгөн окуялардын көптөгөн жакшы тараптарын көргөндүр. Бирок адам бир караганда терстей көрүнгөн мындай окуялардын жакшы тарабын али түшүнө элек болушу да ыктымал. Себеби жогоруда да айтылгандай, адамдын бир окуядагы жакшылыкты кыска убакыт ичинде көрүшү шарт эмес. Адам балким бир окуянын жакшы тарабын канчалаган жылдан кийин

билиши мүмкүн же эч билбей калышы да мүмкүн. Балким Аллах ал кабылган кыйынчылыктын жакшылыгын ага акыретте көрсөтөт чыгаар. Ошондуктан Аллахка таянган жана тагдырга моюн сунган бир адам ар кандай окуяны –сырын түшүнсө да түшүнбөсө да- жакшылык көзү менен баалап, бүт нерседен ыраазы болушу керек.

Бирок муну да айта кетүү керек: «жакшылык көзү менен кароо» окуяларды көрмөксөн болуу, кайдыгер болуу же ашыкча оптимист болуу деген мааниге келбейт. Тескерисинче, ар бир адам башына келген окуяларда колунан келген бүт чараларды көрүп, бүт жолдорду жасап көрүүгө милдеттүү. Окуянын бул тарабын да сөзсүз эске алуу керек, себеби караңгы элдерде ар кандай түшүнүктөрдү чыгарган адамдар да бар. Мисалы, караңгы элдерде окуяларга өтө кайдыгер мамиле кылган белгилүү бир топ болот жана алар бүт окуяларга ашыкча оптимист карашат. Мындай адамдарды көбүнчө эл арасында «жашоону кызгылт (розовый) көз айнек менен карайт» дешет. Мындай адамдар окуяларга кайдыгер мамиле кылганы үчүн жана чара көрүү ордуна жаш баладай оптимист мамиледе болгону үчүн акылдуу нерселерди жасашпайт. Мисалы, олуттуу бир оорууң бар деп диагноз коюлган киши «эч нерсе болбойт» деп жүрө берсе, оорусу андан да күчөйт. Же үйү тонолуп кетсе да чара көрбөй жүрө берген киши башка ууруларга да өз колу менен мүмкүнчүлүк түзүп берген болот.

Албетте, мындай жаш балача мамиленин бул китепте айтылган жакшылыкка жоруу жана тобокелдик (Аллахка таянуу) түшүнүктөрү менен эч байланышы жок. Мындай мамилелер ашыкча кайдыгерлик болот. Мындай модельдеги акылмандыктан алыс адамдардын тескерисинче, ыймандуулар бир окуяга карата колдорунан келген болгон аракетин жасап, керектүү иштерди орундатышат; б.а. «кыймыл-аракет менен дуба» кылышат. Бирок ал иш-аракеттерди жасап жатып, бүт иштин натыйжасынын Аллах каалагандай болоорун да эч качан унутушпайт.

Куранда бул акыйкатты түшүнгөн пайгамбарлардын жана чын ыкластуу ыймандуулардын өмүрлөрүнөн мисалдар келтирилип, кыйынчылыктар учурундагы Аллахка болгон таянычтары адамдарга өрнөк көрсөтүлгөн. Ал мисалдардын бири – Аз. Худдун Кудайды танган коомунун коркутууларына берген, жана Аллахка болгон таянычы менен баш ийүүчүлүгүн көрсөткөн жообу. Аяттарда мындай деп айтылат:

**«Эй Худ» дешти. «Сен бизге апачык бир далил (керемет) менен келген жоксуң жана биз сенин сөзүң менен кудайларыбызды таштабайбыз. Сага ыйман кылбайбыз (ишенбейбиз) дагы.» «Биз: «Кээ бир кудайларыбыз сени өтө жаман уруптур» деген сөздү гана айтабыз.» Ал айтты: «Аллахты күбө келтирем, силер да күбө болгула, чындап мен силердин шерик кошкондоруңардан алысмын.» «Андан башка (кудайлардан). Эми силер мага баарыңар чогуу каалаган тузагыңарды кургула, анан мага убакыт да бербегиле.» «Мен чындыгында, менин да Раббим, силердин да Раббиңер болгон Аллахка тобокел кылдым (таяндым). Ал маңдайынан кармап-көзөмөлдөбөгөн эч бир жандык жок. Сөзсүз менин Раббим туптуура бир жол үстүндө (туптуура жолдогуну коргойт). «Ошого карабай жүз бурсаңар, анда**

**силерге жөнөтүлгөн нерсемди жеткирдим (түшүндүрдүм). Раббим болсо силерден башка бир коомду ордуңарга жаратат. Силер Ага эч нерсе менен зыян бере албайсыңар. Чындыгында менин Раббим бүт нерсени көзөмөлдөп-коргоочу. (Худ Сүрөсү, 53-57)**

# КАРАҢГЫ АДАМДАРДЫН ОКУЯЛАРГА КӨЗ-КАРАШЫ

Кээ бир адамдар башына келген окуяларды өздөрүнүн логикасы менен «жакшы же жаман» деп белгилүү категорияларга бөлүшөт. Минтип категорияга бөлүүдө өздөрүнүн көнүмүш адаттары менен элдин адат-салтына таянышат. Окуяларга карата мамилеси да окуянын күчүнө же абалына жараша өзгөрөт, бирок коому тарабынан белгиленген калыптар тегерегинде болот.

Ар бир адамдын жаш кезинен баштап келечек жөнүндө бир катар пландары болот. Бирок окуялар дайыма эле адамдар ойлогондой же пландагандай боло бербеши мүмкүн. Күтүлбөгөн, эч күтүүсүз окуялар кээ-кээде ар бир адамдын башына келиши ыктымал. Кээде бүт баары дал ошол адам каалагандай болуп жатып, кээде болсо бир караганда терстей көрүнгөн бир канча окуя катары менен башына келиши мүмкүн. Ден-соолугу өтө чыңдай көрүнгөн бир адам бир заматта өлүмчүл ооруга чалдыгышы мүмкүн же бир кырсык натыйжасында ден-соолугунан ажырашы ыктымал. Же өтө бай бир адам эч күтүүсүз, бир заматта бүт мүлкүнөн ажырап калышы мүмкүн.

Көбүнчө адамдар өмүрүндө болуп турган ушул сыяктуу өйдө-төмөндөргө ар кандай жооп көрсөтүшөт. Окуялар алар каалагандай болуп, алардын кызыкчылыгына бир зыян тийгизбеген учурда кубанышып, күтүүсүз окуяларга кабылганда болсо, ошол замат нааразы болушат же баш көтөрүүгө чейин барышат. Окуялардын маанилүүлүгүнө жана жыйынтыгына жараша нааразылыгы ан сайын күчөйт.

Мындай мүнөздү караңгы коомдордун көпчүлүгүнөн көрүүгө болот. Бирок мындай адамдардын кээ бирлери нааразы болуп турса да, ал окуяларга «бир жакшылык бар чыгаар» деген сыяктуу сөздөрдү айтпай коюшпайт. Бирок ал адамдардын мындай сөздөрү –жогоруда да айтылгандай- толугу менен оозу көнүп калганы үчүн же коомдо адатка айланганы үчүн гана айтылат. Көп адамдар башына келген окуяларда чындап өзү айткандай бир жакшылык издешпейт.

Кээ бирлери болсо зыянсыз же кичинекей деп ойлогон терстиктерге «бир жакшылык бардыр» дешет, бирок чоң же кызыкчылыктарына маанилүү зыян алып келе турган окуяларга кабылганда жакшылык жөнүндө эч айтпай калышат. Мисалы, жумушуна баратып автобуска жетпей калган же машинасы бузулган бир киши мындай кичинекей бир окуяга «бир жакшылык бардыр» деп көп маани бербеши мүмкүн. Бирок ушул себептен улам башчысынан жаман сөз угуп же ишинен айдалса, анда ошол замат арызданып баштайт. Же арзан бир сааты жоголсо «бир жакшылык бардыр» деген бир адам бриллиант шакегин жоготкондо өзүн жогото турган даражага келиши мүмкүн. Бул чек «алсыз жери» деп аталат жана бүт адамдардын сөзсүз «алсыз жерине тийе турган бир чекити» бар. Адам жакшылык көзү менен карай турган же сабыр кыла турган кичинекей

окуялар бар, бирок укмуш чоң бир окуяга туш болгондо ар кандай терс мамилелерди жасоону өзүнүн эң табигый укугу катары көрөт.

Кээ бир адамдар болсо «жакшылык көзү менен кароо» түшүнүгүн сооротуу максатында гана колдонушат. Адамдын окуяларга жакшылык көзү менен карашынын чындыгында эмне мааниге келээрин билбейт дагы. Муну кыйынчылыкка кабылган же зыянга учураган достордун бир-бирин сооротуу үчүн чыгарган нерсеси деп ишенишет. Мисалы, банкрот болгон бир таанышын же класстан көчпөй калган бир курбусун сооротуу керек болгондо «мейли эми, бир жакшылык бардыр» же «болоор иш болду, жакшылыкка жоруу керек» деген сыяктуу сөздөрдү айтышат. Мындай окуя өз башына келгенде болсо эч жакшылыктан сөз кылышпайт. Бул абал алардын айткан сөзүнүн маанисинен толук кабарсыз экенин көрсөтөт.

Мындай адамдардын терс сыяктуу көрүнгөн бүт окуяларда бир жакшылык болушу мүмкүн деп ойлонбошунун себеби алардын ишениминин түп-тамырынан бузук болушунда. Адамдын өмүр бою башына келген бүт окуяларды Аллах жаратканын, ар бир иштин белгилүү бир тагдыр менен иштээрин жана дүйнө жашоосунун бир сыноо жери экенин түшүнбөшү «жакшылык көзү менен карашына» чоң бөгөт болот.

Ошондуктан эмки бөлүмдө эң биринчиден бүт окуяларда сөзсүз бир жакшылык бар экенине ишенүү жана ал жакшылыктарды көрө алуу үчүн билүү керек болгон кээ бир маанилүү акыйкаттарга токтолобуз.

# ЖАКШЫЛЫКТАРДЫ КӨРӨ АЛУУНУН ЖОЛДОРУ

## Ар бир окуяны, ар бир майда-баратты Аллах жаратканын билүү...

Көп адамдар жакшы деп ойлогон окуяларга кубанып, жаман же терс бараткандай көрүнгөн окуяларга кайгырышат. Бирок ыймандуу адамдардын минтип өзүн кыйнашы туура эмес болот. Аллах Куранда ар бир окуяны чын ыкластуу кулдарынын жакшылыгына жаратканын сүйүнчүлөп, алар үчүн эч качан кайгы жана кыйынчылык болбой турганын кабар берген.

Куранда айтылган бул чындыкты жүрөгүнө сиңирген бир адам дүйнө жашоосунда кандай гана окуяга туш болбосун, ага ыраазы болуп, ал окуянын артында жашырылган жакшылык менен сырларды көрө алат.

Кээ бир адамдар болсо канчалаган жылдар бою бул дүйнөнүн эмне үчүн жана кантип пайда болгонун эч ойлонбой, өмүрүн өткөрүшөт. Албетте, жүрөгүнөн мындагы кереметтердин жана кемчиликсиз тартиптин бир Жаратуучусу бар экенин билишет. Бирок дүйнө жашоосун сүйгөнү же чындыктарды кабыл алгысы келбегени үчүн Аллахтын бар экенин ойлонуудан качышат. Башына келген окуялардын баарын Аллахтын бир план жана даанышмандык менен жаратканын көрмөксөн болуп, аларды шанс же кокустук сыяктуу ойдон чыгарылган нерселер менен түшүндүрүүгө аракет кылышат. Бул болсо алардын окуяларга жакшылык менен карашына, башына келгендерден туура жыйынтык чыгарышына жолтоо болот.

Кээ бирлер болсо Аллахтын бар экенин билип, бүт ааламды жана адамды Аллахтын жаратканын түшүнүшөт. Жамгырды жаадыргандын, чагылганды чактыргандын же күндү чыгаргандын Аллах экенин билишет. Башкача болушу эч мүмкүн эмес дешет. Бирок күнүмдүк жашоодо башына келген окуяларды же кичинекейдей көрүнгөн майда-бараттарды Аллахтан көз-карандысыз, өз башынча болот деп ойлошот. Чындыгында болсо, үйлөрүнө кирген бир ууруну, буту чалынган бир ташты, жааган бир жамгырды, түшүм берген же түшүмсүз калган бир айдоо талаасын, оңунан жүргөн же зыян алып келген бир ишти, унутулуп күйүп калган бир тамакты да, баарын жараткан Аллах. Бул багытта адам ой жүгүртүүсүн болушунча кеңири алып, ойлонушу керек. Себеби ар бир окуяны, ар бир майда-чүйдөнү Аллах билип турат. Ар бир окуя өтө кылдат бир план менен Аллахтын чексиз акылы жана даанышмандыгы менен жаратылган. Адамдын бутуна чачыраган бир ылай тамчысынан жарылган бир дөңгөлөккө, теридеги бир бырыштан, бир ооруга же оңунан жүрбөй жаткандай көрүнгөн бир ишке, жазылган бир тексттен кичинекей бир сөзгө чейин бүт баарын атайын бир план менен Аллах адамдын алдынан чыгарат.

Адам бул дүйнөгө келгенден баштап анын башына келген жакшы же жамандай көрүнгөн бүт окуяларды Аллах жаратууда. Жашоону толугу менен жер жүзүнүн жалгыз өкүмдары болгон Аллах контрольдоп турат. Аллах кемчиликсиз, терең максат менен жана эң сонун кылып жаратуучу. Бул – Улуу Аллах жараткан тагдыр; Аллах жараткан тагдырдагы окуялардын арасынан бир бөлүгүн бөлүп бир тарапка коюп, аларды жакшы, калгандарын болсо жаман дегенге болбойт. Демек адам бул кемчиликсиздикти көрүп түшүнүп, Аллахтын акылынын эң кемчиликсиз натыйжаларды жаратаарын билип, ар бир окуяны жакшылыкка жорушу зарыл. Себеби Аллахка ыйман кылган жана ыйманы менен ар бир окуяны жакшылык көзү менен карап, жакшылыкка жоруган бир адам дүйнөдө да, акыретте да дайыма жакшылыктарга жолугат.

Жогоруда айтылган бул улуу акыйкатка Курандын көп аяттарында көңүл бурулган. Ошондуктан тагдырды унутуу чоң жаңылыштык болот. Аллах жараткан тагдыр бирөө гана жана эч өзгөрбөйт. Кээ бир адамдар тагдырды «кырсыктан соороту (жубатуу)» сөзүндөй эле көрүшөт. Ыймандуулар болсо тагдырды эң туура түшүнүп, тагдырдын алар үчүн эң жакшысы экенин билишет.

Тагдыр – мусулман үчүн башынан аягына чейин кемчиликсиз даярдалган, терең максаттарга жана жакшылыктарга толо бир бейиш даярдыгы. Ыймандуунун бул дүйнөдө кабылган ар бир кыйынчылыгы бейиште түбөлүккө чейин ала турган ырахатынын, кубанычынын булагы болот. «... Кыйынчылык менен бирге бир жеңилдик бар» (Инширах Сүрөсү, 5) аяты да бир тараптан ушул чындыкка ишарат кылат. Ыймандуу адамдын көрсөткөн сабыры менен эр жүрөктүгү өтө сонун сый-жакшылыктар менен түбөлүккө чейин сыйланган абалда тагдырга жазылган.

Бир ыймандуу адам кээ бир окуяларга кайгырып, санаа тартышы мүмкүн. Буга ошол учурда ал окуянын тагдырда жазылганын, бүт баарын Аллахтын жаратканын унутушу себеп болот. Ага «бул окуяны Аллах бир жакшылык менен жаратты» деп айтылса, эгер ошол учурда ою алагды болбогон болсо, чындыктарды көрүп, көңүлү тынчыйт. Ошондуктан мусулман ар бир окуянын тагдырда экенин дайыма эстеп, башкаларга да эстетип турушу керек.

Аллах эзелтен (эң башында) жакшылык жана терең максат менен даярдаган окуяларга ишенип, алардын жакшы тараптарын, сырларын түшүнүүгө аракет кылышы зарыл. Ар бир адам Аллахтын каалоосу менен бул чындыктарды түшүнө алат. Балким окуялардагы сансыз жакшылык менен даанышмандыктардын баары бир караганда көрүнбөшү мүмкүн; бирок эгер бир окуя болгон болсо, анын мусулман үчүн Аллах жараткан жакшылык жана даанышмандык менен бирге болгонун билүү керек.

## Жандуу, жансыз дүйнөдөгү бүт нерсенин бир тагдыр менен жаратылганын билүү...

Тагдыр – бул Аллахтын өткөн чактан келечекке чейин, болуп өткөн жана боло турган бүт окуяларды бир көз ирмемдей билиши. Бул Аллахтын бүт нерселерди, жандыктарды жана окуяларды толук башкарып тураарын көрсөтөт. Адамдар

жашоосундагы окуяларды баштарына келгенде гана биле алышат. Аллах болсо алардын баарын али боло электе да билет. Аллах үчүн өткөн чак, ушул учур жана келечек – баары бир. Баары Аллахтын илиминде жана колунда. Себеби алардын баарын Раббибиз жараткан.

«Эч күмөнсүз, Биз бүт нерсени тагдыр менен жараттык» (Камер Сүрөсү, 49) аяты менен да айтылгандай, дүйнөдөгү бүт нерсенин бир тагдыры бар. Кээ бир адамдар тагдырдын иштөөсүндөгү кемчиликсиздикти жана ал тартиптин артында Аллахтын чексиз кудуретинин тураарын ойлонушпайт. Кээ бирлер болсо тагдырды адамдарга гана тиешелүү бир темадай карашат. Бирок, үйүңүздөгү буюмдан жолдо көргөн бир ташка, куураган бир чөпкө же мөмө берген бир бутактан дүкөндө турган бир банкага чейин ааламдагы жандуу, жансыз бүт нерселердин Аллах Кабатында белгиленген бир тагдыры бар. Жана ар бир буюм же ар бир жандык үчүн жаратылган тагдырды да чексиз акылдуу Аллах белгилеген.

Адам түз же кыйыр түрдө көргөн нерселеринин, күбө болгон окуялардын, уккан сөздөрүнүн баары – адамдын дүйнө жашоосундагы «бир бүтүн» өмүрүнүн бир бөлүгү. Ааламдагы чоң же кичине ар бир окуя бир максат менен болот. Эч бир гүл кокустан ачылып, кокустан соолубайт. Же эч бир адам кокустан төрөлүп, кокустан өлбөйт. Эч бир адам жаңылыштык менен же контрольсуз ооруп калбайт. Эгер бир жакшылыкка же жамандыкка кабылса, ал эч качан кокустан болбойт. Ар бирин адамды жаратып жатканда Аллах атайын белгилеп, жараткан.

Аллах Куранда «Кайыптын ачкычтары Анын Кабатында, Андан башка эч ким кайыпты билбейт. Кургактыкта жана деңиздеги бүт нерсени Ал билет. Анын кабары болбостон, бир жалбырак да түшпөйт; кара жер койнундагы бир даана дан болсун, бардык суулуу же кургак нерселер болсун (бардыгынын кабары) Анык китепте бар» (Энъам Сүрөсү, 59) аяты аркылуу жердин же океандардын километрлеген тереңинде болгон окуялардан бир жалбырактын түшүшүнө чейин ааламда болуп жаткан ар бир кыймыл-аракеттин бир тагдыр менен ишке ашаарын кабар берген.

Бирок көп адамдар тагдырдын ар бир көз ирмемин Улуу Аллахтын жаратканын билишпейт. Кээ бирлер кантип жаратылганын, өмүр бою аларга келип жаткан бүт жакшылыктардын кантип пайда болгонун да эч ойлонгон эмес. Кээ бирлер болсо жашоо менен өлүмдү Аллах жараткан, бирок жашоонун ичиндеги окуялар кокустан болот деп ойлошот.

Бирок Куранда «Жер жүзүндө болгон жана силердин напсиңерде (өзүңөрдө) болуп жаткан ар кандай нерселердин (окуялардын) баарын Биз жаратуудан мурда бир китепте (жазып) койгонбуз. Эч күмөнсүз, бул – Аллах үчүн абдан оңой» (Хадид Сүрөсү, 22) деген аят аркылуу башыбызга келген ар бир окуяны, ар бир майда-баратты Аллахтын атайын бир даанышмандык жана акыл менен пландаганы кабар берилген. Адамдын бул маанилүү чындыкты түшүнүшү өтө маанилүү. Себеби дүйнөдөгү ар бир нерсенин тагдырын чексиз акылдуу жана чексиз илимдүү Аллах белгилөөдө. Ошондуктан ар бир майда-барат эч кемчиликсиз пландалып, эң даанышмандык менен жаратылууда. Бул

чындыкты түшүнгөн бир адам жашоонун ар бир көз ирмеминен; жакшыдай көрүнгөндөрдөн да, жамандай көрүнгөндөрдөн да өтө ыраазы болот. Себеби Аллахтын чын ыкластуу кулдары үчүн тагдырды эң сонун кылып жаратканын билет. Аллах жакшы деген бир нерсе жөнүндө адамдын терс күмөн санашынын өтө туура эмес болоорун түшүнөт. Мындай ыймандык түшүнүк окуяларга жакшылык көзү менен карашына жана окуялардагы жакшылык менен даанышмандыктарды байкашына шарт түзөт.

Адам кыйынчылыктарга туш болгондо, башына келген окуяны Аллах жараткан жок, башка бирөө буга себеп болду деп ойлошу болсо анын тагдырды түшүнбөгөнүн көрсөтөт. Жамандыктай көрүнгөн ар бир окуя негизи – бир «тагдыр сабагы». Бүт нерсени сөзсүз даанышмандык жана жакшылык көзү менен баалоо керек. Чоң же орто, маанилүү же маанисиздей көрүнгөн ар бир окуя тагдырда даанышмандык жана акыл менен жаратылган. Кээ бир адамдар баштарына көп келген, каалабаган окуяларды терстик дешет. Бирок терстикте да жакшылык менен даанышмандык бар. Адам терстик деп ойлойт, бирок тагдырда ошол окуянын дал ошондой ишке ашышы эң туурасы болот.

Адамдарды кайгырткан, тынчсыздандырган, аларды ачууланткан, кыйнаган, терстик, жамандык деп аталган окуялардын сыры менен жакшылыктарын Аллах бир учурда баарын көрсөтсө, адам кайгыруунун канчалык туура эмес экенин заматта түшүнөт. Ыймандуу бир адам ал жакшылыктарга кайгыруу мындай турсун, тескерисинче өтө кубанат. Ошондуктан адам тагдырда, б.а. Улуу Аллах даанышмандык жана максат менен жараткан окуяларда дайыма жакшылык жана даанышмандык издеп, ушул түшүнүктө кубанып жашоого милдеттүү.

## Жакшылыктай көрүнгөн окуяларда жамандык, жамандыктай көрүнгөн окуяларда жакшылык болушу мүмкүн экенин билүү...

Жогоруда Аллахтын чексиз акылдуу экенин жана дүйнө жашоосунда болгон ар бир окуяны атайын бир план жана тагдыр менен, жакшылык жана сыр менен жаратканын айттык. Бул жерде дагы бир жагдайды түшүнүү керек: Аллах жараткан окуялардын кайсынысында жакшылык, кайсынысында жамандык болушу мүмкүн экенин бир гана Аллах билет. Себеби Аллахтын акылы чексиз, адамдыкы болсо чектүү. Адам окуялардын сырттан көрүнгөн бөлүгүн гана көрүп, аларга өз түшүнүгүнө жараша гана баа берет. Чектүү акылы жана түшүнүгү менен кээде жакшылык болгон бир окуяны жамандык, жамандыкка толо бир окуяны болсо жакшылык деп ойлошу мүмкүн. Ошондуктан туураны көрүү үчүн ыймандуу бир адам Аллахтын чексиз акылы менен илимине моюн сунуп, ар бир окуяга жакшылык көзү менен карашы шарт. Аллах бир аятында адамдарга мындай деп билдирет:

**... (Кээде) бир нерсени жаман көрүшүңөр мүмкүн. Чынында ал силер үчүн жакшылык (болот). Ошондой эле (кээде) силер жакшы көргөн нерсе өзүңөргө жамандык болуп чыгат. Аллах билет, силер билбейсиңер. (Бакара Сүрөсү, 216)**

Аллах бул аятта билдиргендей, адам өзү үчүн өтө жакшы деп ойлогон бир окуя анын дүйнө жана акыретте азапка кабылышына себеп болушу мүмкүн. Же зыянга учурайм деп ойлоп качкан бир окуя ал адамга жакшылык, береке, молчулук жана бейпилдик алып келиши ыктымал. Булардын баарынын чыныгы маалыматы бир гана Аллах Кабатында жашырылган. Жамандыктай да, жакшылыктай да көрүнгөн окуялардын баары Аллахтын каалоосу менен болот.

Аллах ким үчүн эмнени кааласа, ошол болот. Куранда «Аллах сага бир зыян тийгизе турган болсо, Андан башка эч ким аны сенден кетире албайт. Жана эгер сага бир жакшылык кааласа, Анын мол берешендигин эч ким артка кайтара албайт. Кулдарынан каалаганына андан жеткирет. Ал кечиримдүү, боорукер.» (Йунус Сүрөсү, 107) аяты аркылуу да бул маанилүү чындык эске салынган.

Ошондуктан Раббибизден бизге келген ар кандай окуя, жакшылыктай көрүнсө да, жамандыктай көрүнсө да, негизи биз үчүн жакшылык болот. Жогоруда да айтылгандай, окуялардын жыйынтыгын убакыт менен мейкиндиктен көз-каранды адамдар эмес, убакыт менен мейкиндиктен көз-карандысыз, убакытты, мейкиндикти, окуяларды жана адамдарды да бир учурда жараткан Аллах белгилейт (тереңирээк маалымат үчүн караңыз: Харун Яхья, Убакыттын жоктугу жана тагдыр).

# ЫЙМАНДУУЛАР ҮЧҮН АР БИР ОКУЯДА ЖАКШЫЛЫК БАР

Ар бир адамдын жашоосунда кыйын учурлар деп айтканга боло турган учурлар бар. Куран адеп-ахлагынан алыс жашаган адамдардын көпчүлүгү мындай учурларды кайгырып, капаланып өткөрүшөт. Ачууланып, түнөрүп, адамдар менен талашып-тартышышат. Мунун жалгыз себеби болсо – китептин башынан бери айтылып келе жаткандай, ал кишилердин дин алып келген мыкты кулк-мүнөздөн алыс болушу. Аллахка жана Ал жараткан тагдырдын кемчиликсиздигине ыйман кылбаганы үчүн башына келген окуялардын, тарткан кыйынчылыктарынын артында бир сыр жана жакшылык көрө алышпайт. Ыйман кылбаганы үчүн ансыз да дүйнөдө өткөргөн ар бир көз ирмеми алардын зыянына иштейт. Алар болсо ошонун кыйынчылыгы менен азабы ичинде өмүр сүрүшөт.

Ыймандуулар болсо Аллах дүйнө жашоосунда алар үчүн жараткан кыйынчылыктардын бир сыноо экенин билишет. Андай сыноолордун чын ыкластуу (чын ниеттүү) мусулмандар менен «жүрөктөрүндө оорусу бар» жана чындап ыйман кылбаган кишилердин айырмаланышы үчүн атайын жаратылганын билишет. Себеби Аллах мусулмандарды сөзсүз сынаарын жана чынчылдар менен чынчыл эместерди бир-биринен ажыратаарын Куранда төмөнкүчө убада кылган:

**Же силер Аллах араңардан жехд кылгандарды (аракет кылгандарды) аныктап-айырмалабастан жана сабыр кылгандарды да аныктап-айырмалабастан бейишке киребиз деп ойлодуңарбы? (Али Имран Сүрөсү, 142)**

**Аллах таза эмести тазадан айырмалаганга чейин ыймандууларды силер турган абалыңарда таштап койбойт... (Али Имран Сүрөсү, 179)**

Бул жөнүндө Куранда Пайгамбарыбыз (сав) доорунда болуп өткөн мындай окуя мисал берилген:

**Эки топ жолуккан күнү силердин башыңарга келген Аллахтын уруксаты менен гана болду. (Бул Аллахтын) ыймандууларды айырмалашы; мүнафыктык (эки жүздүүлүк) кылгандарды да аныкташы үчүн эле... (Али Имран Сүрөсү, 166-167)**

Бул аяттар негизи ушул кезге чейин айтылгандарды түшүндүрүүдө. Пайгамбарыбыз (сав) доорунда мусулмандар кыйын шарттарга туш болуп, сырттан караганда бир катар кыйынчылыктарды тартышкан. Сырттан караганда ыймандуулар

оор бир күрөш ичинде сыяктуу көрүнгөн. Бирок аяттарда билдирилгендей, бул окуя да Аллахтын уруксаты менен болуп, ыймандууларга зыян тийгизүүгө аракет кылган мүнафыктардын (эки жүздүүлөрдүн) белгилүү болушуна себеп болгон. Б.а. жыйынтыгы ыймандуулар үчүн –ар дайымкы сыяктуу- жакшылыкка айланган.

Ыймандуулар бул аяттарда кабар берилген чындыктарды билгени үчүн жамандай көрүнгөн бир окуяны же кыйынчылык учурун чын ниетин, Улуу Аллахка болгон жакындыгын жана таянычын көрсөтүүнүн сонун бир мүмкүнчүлүгү катары баалашат. Дүйнөдө кыйынчылыктар менен да, сый-жакшылыктар менен да сыналаарын эч унутушпайт. Мындай сонун мүнөзү жана моюн сунуучулугу үчүн Аллах жамандай көрүнгөн окуяларды жана кыйынчылыктарды чын ыкластуу кулдарынын пайдасына айлантат.

Алдыда адамдар күнүмдүк жашоосунда жолугушу ыктымал болгон кээ бир кыйынчылыктардан, дүйнө жашоосундагы сыноолордон сөз кылынат. Максат – ыймандуулар үчүн кыйынчылыктай көрүнгөн окуялардын артында жашырылган жакшылыктарды, дүйнөдө жана акыретте кыйынчылыктарга сабыр кылуунун ыймандууларга алып келе турган жакшылыктарын эстетүү.

## Мал-мүлктөрдү азайтуу сыноосу

Адамдардын көпчүлүгүнүн жашоосундагы эң негизги максаттарынын бири – бул бай болуу. Жашоосунда өтө маанилүү орунду ээлеген бул максатка жетүү үчүн ар кандай жолду жасап көрүшөт жана эч нерседен тартынышпайт. Адамдардын мал-мүлккө мынча маани бериши Куранда «күчтүү арзуу» жана «дүйнө жашоосунун өзүнө тартуучу коздугу» деп айтылган. Аяттарда мындайча билдирилет:

**Аялдарга, балдарга, сандык сандык жыйылган алтын жана күмүшкө, күлүк көркөм аттарга, айбанаттарга жана түшүмдөргө болгон күчтүү арзуу адамдарга «кооз жана өзүнө тартуучу» көрсөтүлдү. Булар – дүйнө жашоосунун жалган кооздуктары. Чыныгы барыла турган сонун мекен – Аллахтын кабатындагы (мекен). (Али Имран Сүрөсү, 14)**

**Мал-мүлк жана балдар дүйнө жашоосунун өзүнө тартуучу кооздугу; туруктуу салих (чын ыкластуу жакшы) иштер болсо Раббиң Кабатында сообу жагынан жакшыраак, үмүт кылуу жагынан да жакшыраак. (Кехф Сүрөсү, 46)**

Аллах башка бир аятында болсо динден алыс жашаган адамдар жөнүндө «Мал-мүлктү «бир жыйноо каалоосу жана ач көздүк менен» сүйөсүңөр» (Фежр Сүрөсү, 20) деп билдирген. Бул аяттан да көрүнүп тургандай, караңгы (Курандан алыс) адамдар болгон аракети менен мал-мүлк жыйнагысы келет. Себеби мал-мүлккө бай болуу динди негиз тутпаган коомдордо өйдөлүктүн эң негизги көрсөткүчү болуп саналат. Андай туура эмес моделде бай адам сыйланып, урмат көрөт жана баркталат. Адамдар байлыкка жеткенде

өтө чоң күчкө жеттим деп ойлошот. Ошондуктан бүт адамдардын эң негизги каалоолорунун бири өтө бай болуу болуп эсептелет.

Караңгы адамдардын мал-мүлктү жана байлыкты мынчалык сүйүшү өмүр бою алардан айрылып калуу коркуусун да алып келет. Мындай туура эмес түшүнүктөгү кээ бир адамдар мал-мүлкү кандайдыр бир себеп менен колдорунан алынса, толук үмүтсүздүккө түшүп, Аллахка баш көтөрүп башташат. Мал-мүлкүнүн азайышынын бир сыноо экенин эч билбегени үчүн өтө чоң зыянга учурадым деп кайгырат.

Бирок Аллах Куранда ыймандуу кулдарына колуңардан чыккандар үчүн кайгырбагыла жана силерге берилген сый-жакшылыктар үчүн кубанып-көппөгүлө деп буйруган (Хадид Сүрөсү, 23). Аллах аяттарында адамдарды токтоолукка жана жакшы кулк-мүнөзгө чакырат. Бир адамдын мал-мүлкү көбөйгөндө көбүшү, азайганда болсо үмүтсүздүккө түшүшү Аллахка жасалган шүгүрсүздүк болот.

Бирок окуяларды өздөрүнүн туура эмес түшүнүгү менен баалаган караңгы коомдун адамдары мал-мүлктөн ажыраганда кайгырууну кадыресе нерседей көрүшөт. Мисалы, бир адам өмүр бою иштеп жыйнаган байлыгынан бир табигый кырсык себебинен бир канча секундада ажырап калышы мүмкүн. Же көпкө акча чогултуп алган кооз үйү бир өрттүн себебинен бат эле адам жашагыс болуп калышы ыктымал. Дүйнө жашоосунун бир сыноо мекени экенин жана мындай окуя менен сыналып жатканын билбеген бир адам мал-мүлкү бир заматта колунан алып коюлганда башына келгенге түшүнбөй, терс мүнөз көрсөтүп баштайт.

Динден алыс адамдар мал-мүлктөн ажыроону ушундай туура эмес көз-караш менен караганы үчүн, бул окуянын жакшы тарабы болушу мүмкүн эмес деп ойлошот. Ушундай көз-караште болуп, Аллахка таянбаганы үчүн чындап эле бул окуя алардын зыянына болот.

Ал эми жакшылык көзү менен караган адамдар үчүн болсо абал такыр башкача. Мал-мүлкүнөн ажыроонун ошол учурда билинбеген көптөгөн сырлары жана жакшы жактары бар. Балким Аллах ошол аркылуу байлыкка көөп, бой көтөрүп дүйнө жашоосунун утурумдук кооздуктарына алданган кулдарына бир эскертүү жасап жаткандыр. Аларга бүт күчтүн Өзүнө тиешелүү экенин, Ага гана кайрылуу керек экенин эскертип жаткандыр. Же ошол кыйын учурда сабыр кылган, Аллахка таянган кулдарына дүйнөдө жана акыретте андан да жакшысын берип, алар билбеген бир жакшы келечек белгилеп койгондур. Дүйнө жашоосунун убактылуу кызыкчылыктары ордуна чексиз акырет жашоосундагы сансыз сый-жакшылыктарды аларга бериши мүмкүн; дүйнөнүн убактылуу сый-жакшылыктары менен акыреттин чексиз сый-жакшылыктары салыштырылганда, чексиз акырет сый-жакшылыктарынын жакшыраак экени анык.

Мындай окуялардын бул дүйнөдө да көптөгөн жакшылыктары болушу мүмкүн. Мисалы, бир адам жаңы сатып алган машинасы менен кырсыкка кабылып, машинасы оор залака көрсө, анда да сөзсүз бир жакшылык болот. Аллах балким ал адамды андан да чоң бир кырсыктан же башына келе турган жаман бир окуядан сактагандыр. Акылдуу

бир адам башына келген ал окуяны бир эскертүү катары кабыл алып, тообо кылат жана Аллах жараткан тагдырга толук моюн сунат.

## «Жакшы көргөн нерсеңер силер үчүн жамандык болушу мүмкүн»

Бакара Сүрөсүнүн 216-аятында Аллах «жамандыктай» көрүнгөн кээ бир нерселердин адамдарга жакшылык алып келиши мүмкүн экенин кабар берген. Ошондой эле, бул аятта адамдар жакшы көргөн нерселердин аларга «жамандык» болушу мүмкүн экени да кабар берилген. Куранда бул жөнүндө сараңдык кылган бай ыймансыздар мисал келтирилген. Ыймансыз адамдардын сараңдыкты «акылмандык» деп ойлошу жана Аллах жолунда колдонбогон байлыктарын өзүмө пайда алып келет деп ойлошу өтө чоң бир жаңылыштык. Себеби Аллах мындай байлыктын өз ээсине «жамандык» алып келээрин жана акыретте аларга азап берээрин Куранда билдирген:

**Аллах мол берешендиги менен берген нерселеринде сараңдык кылгандар муну өздөрү үчүн жакшылык деп ойлошпосун. Жок; бул алар үчүн жамандык. Кыямат күнү сараңдык кылгандары менен моюндарынан байланышат... (Али Имран Сүрөсү, 180)**

Касас Сүрөсүндө болсо Аллах көп байлык берген, бирок ал байлыкка көөп, чектен чыккан Карундун окуясы баяндалат. Айтылган эскертүүлөрдү укпаганы үчүн кыйратылган Карундун абалы адамдарга сабак болуп саналат. Карундун абалы Куранда мындайча кабар берилет:

**... Биз ага ушундай казыналар бергенбиз; анын ачкычтарын (көтөрүү) чоң бир топко оор келчү. Ага коому мындай деген эле: «Эсирип-көөп сүйүнбө, себеби Аллах эсирип-кубангандарды сүйбөйт. Аллахтын сага бергендери менен акырет үчүн аракет кыл, дүйнөдөн да өз үлүшүңдү (насибиңди) унутпа. Аллах сага берешендик кылгандай, сен да берешендик кыл жана жер жүзүндө бузукулук издебе. Себеби Аллах бузукулук кылгандарды сүйбөйт.» (Ал) Айтты: «Бул мендеги бир илим себептүү мага берилди.» Чындап Аллахтын андан мурдакы урпактардан күчү жагынан андан күчтүүрөөк жана адам саны жагынан (андан) көбүрөөк адамдарды кыйратканын билбейт беле. Кылмышкер-күнөөкөрлөрдөн күнөөлөрү суралбайт. (Касас Сүрөсү, 76-78)**

Аяттарда айтылгандай, Карун колундагы байлыгын өзүнө жакшылык алып келет деп ойлоп, колундагылар менен көөп, бой көтөргөн. Бирок аягында кыйроого туш болгон.

Ыймандуулар болсо «мал-мүлккө» бул жерге чейин айтылган караңгы түшүнүктөн такыр башкача көз менен карашат. Куранда буйрулгандай жашаган бир ыймандуу үчүн бай болуу өмүрүндө өтө маанилүү орунду ээлебейт.

Байлыкты сүйүү, ач көздүк кылып байлык жыйноо сыяктуу караңгылыкка тиешелүү нерселер ыймандууларда болбойт. Себеби ыймандуу адам бүт өмүрүн Аллахтын ыраазылыгына жетүүгө арнайт. Ушул себептен мал-мүлкүн да Аллах жолунда колдонот жана напсисинин өзүмчүл каалоолоруна эч алданбайт; дүнүйөлүк кызыкчылыктарды эмес, дайыма акыреттеги сый-жакшылыктарды көздөйт. Мына ушундай ыймандуулар Аллах Кабатында жогору кылынган. Жана Аллах аларга Куранда мындай сүйүнүчтүү кабар берген:

**Эч күмөнсүз, Аллах ыймандуулардан жандарын жана мал-мүлктөрүн акысына аларга бейишти берүү үчүн сатып алган. Алар Аллах жолунда согушушат, өлтүрүшөт жана өлтүрүлүшөт; бул Тооротто, Инжилде жана Куранда Анын үстүндөгү чыныгы убада. Аллахтан да убадасына бекемирээк ким бар? Демек кылган бул соодаңардан улам сүйүнүп-сүйүнчүлөшкүлө. Улуу «кутулуу жана бакыт» мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 111)**

Бул чындыкты түшүнгөн пайгамбарлар, элчилер, чын ыкластуу ыймандуулар тарых бою аларга сый-жакшылык катары берилген мал-мүлктүн негизи Раббибиз Аллахка тиешелүү экенин билип жашашкан, жана бүт байлыктарын Аллахтын ыраазылыгына жетүү максатында колдонушкан. Мисалы, аятта айтылгандай, ыймандуулар «... мал-мүлктү жакшы көргөнүнө карабастан, аны жакындарга, жетимдерге, жакырларга, жолдо калганга, тилемчиге жана кулдарга» (Бакара Сүрөсү, 177) бере турган кулк-мүнөздө жана боорукер болушкан. Ошондой эле, ыймандуулар кээ бир адамдардай болуп эл көзүнө эмес, тескерисинче «... Аллахтын ыраазылыгына жетүү жана ыймандарын бекемдеп-күчтөндүрүү үчүн гана» (Бакара Сүрөсү, 265) садака кылышат. Ошондуктан мал-мүлкү азайганда караңгы адамдардай болбой, тескерисинче, анын Аллахтын бир сыноосу экенин билип, сабыр кылышат жана жакшылык көзү менен карашат. Аллахка ишенгендердин мындай учурдагы мамилеси Куранда төмөнкүчө айтылган:

**Айткын: «Эй мүлктүн ээси Аллахым, каалаганыңа мүлк бересиң жана каалаганыңдан мүлктү кайра аласың, каалаганыңды жогору кылып, каалаганыңды төмөндөтөсүң; жакшылыктар Сенин колуңда. Чындыгында Сен бүт нерсеге кудуреттүүсүң.» (Али Имран Сүрөсү, 26)**

Аллахка ишенгендер ыймансыздардын мал-мүлктөрүнүн аларга дүйнөдө жакшылык эмес, тескерисинче азап алып келээрин өтө жакшы билишет. Бул Улуу Аллахтын убадасы. Аятта мындай деп айтылат:

**Демек алардын мал-мүлктөрү менен балдары сени суктантпасын; Аллах булар аркылуу аларды дүйнө жашоосунда азаптоону жана жандарынын каапырлык ичинде кыйынчылык менен чыгышын гана каалайт. (Тообо Сүрөсү, 55)**

## Оорулардын артындагы жашыруун сырлар

Караңгы коомдогу адамдар дайыма келечек жөнүндө пландарды түзүп, ал пландарынын дайыма алар ойлогондой болушун күтүшөт. Ошол себептен кокус бир ооруга чалдыкканда же күтүүсүз кырсыкка кабылганда бир заматта бүт жашоолору астын-үстүн болот. Себеби курган пландарында оору же кырсык сыяктуу окуяга эч орун беришпейт. Ал тургай, көпчүлүгү ден-соолугу чың кезде –күн сайын миңдеген адамдардын башына келип турган- мындай окуяларга кабылышы мүмкүн экенин ойлонушпайт дагы.

Ошондуктан караңгы адамдар мындай жагдайга кабылаар замат сүйлөнүп, кайгырып башташат. «Эмне үчүн менин башыма мындай окуя келди?» деген сыяктуу тагдырга толук карама-каршы келген мамиле көрсөтүшөт. Мындай көз-караштагы, динден алыс жашаган адамдар бир оору же кырсык учурунда Аллахка таянып, ал окуяга жакшылык көзү менен карай алышпайт.

Тагдырды түшүнө албаган мындай адамдар башына келген бир оорунун себеби катары бир гана вирустар менен микробдорду көрүшөт. Ошол сыяктуу, бир жол кырсыгына кабылганда, машинаны жакшы айдабаган адам гана буга себеп болду деп ойлошот. Бирок чындык башкача. Ооруга себеп болгон ар кандай микроорганизм же адамга зыян берген ар кандай унаа, ар кандай адам – бул Аллах себеп кылып жараткан нерселер. Жана алардын эч бири ээн баш эмес; баары Аллахтын контролунда гана кыймылдашат. Эгер бир вирус себебинен бир адам оор бир ооруга чалдыкса, бул Улуу Аллахтын каалоосу менен болгон болот. Эгер бир машина бир адамды сүзүп аны майып кылса, бул дагы Аллах жараткан тагдырдагы бир окуя болот. Бир адам эмне гана кылбасын, аларды өзгөртө албайт; тагдырынан бир көз ирмемди да алып сала албайт. Себеби тагдыр бүтүн бойдон жаратылат. Жана чексиз кудуреттүү Аллахка моюн сунуп, Анын чексиз акылына жана мээримине ишенип таянган адам үчүн оору да, кырсык да, башка жамандыктай көрүнгөн окуялар да аягы жакшылык менен бүтө турган убактылуу сыноолор болот. Аллахка ыйман кылып, Ал жараткан тагдырга моюн сунган адамдардын мындай кыйынчылык жана оору учурларындагы жакшы мамилеси жана жакшы мүнөзү эң маанилүү нерсе.

Оорулар менен кырсыктар ыймандуулар үчүн сабыры менен кулк-мүнөзүнүн сонундугун көрсөтүүнүн убактысы жана Аллахка жакындоонун өтө маанилүү бир мүмкүнчүлүгү болуп саналат. Аллах Куранда кыйынчылык учурунда көрсөтүлө турган сабырдын маанисин айтып жатканда, оору учурларын да белгилеген:

**... Бирок жакшылык Аллахка, акырет күнүнө, периштелерге, Китепке жана пайгамбарларга ыйман кылган; мал-мүлктү жакшы көргөнүнө карабастан, аны жакындарга, жетимдерге, жакырларга, жолдо калганга, тилемчиге жана кулдарга берген; намазды туптуура окуган, зекетти берген жана убадалашканда убадаларына тургандар менен кыйынчылыкта, ооруда жана согуш күчөгөн учурларда сабыр кылгандар(дын иш-аракеттери). Мына ошолор чынчылдар жана такыбалар (Аллахтан корккондор) да ошолор. (Бакара Сүрөсү, 177)**

Жогоруда да айтылгандай, аятта ооруган учурлардын да айтылганы маанилүү. Жаны кыйналып турган адам жакшы мүнөздө болушу үчүн алардын баарынын сыноо экенин; ооруну да, шыпааны да бир гана Аллахтын жаратаарын ойлонушу керек. Эгер адам оорусундагы же башына келген кырсыктагы жакшылыктар менен сырларды ойлонсо, аларды ошол учурда көрө албаса да ал кыйынчылыктан өтө чоң пайда алат. Дүйнөдө убактылуу кыйноо тартат, бирок Аллахтын уруксаты менен акыретте Раббибизге чын жүрөктөн моюн сунганы үчүн Анын чексиз жакшылыгы менен сыйланаарын үмүт кыла алат.

Бирок бул чындыкты жүрөгү менен түшүнүп, ушундай окуяга кабылганда жакшы мүнөз көрсөтө алуу өтө маанилүү. Ал үчүн болсо бүт оорулардын бир максат менен жаратылаарын эч унутпаш керек. Аллах кааласа адам эч качан оорубайт, эч жаны кыйналбайт. Бирок эгер адам мындай кыйынчылыкка кабылса, ал кыйынчылыктын бул дүйнөнүн убактылуулугун жана Аллахтын чексиз кудуретин түшүнүшү жагынан көптөгөн терең сырлары бар экенин билиши зарыл.

Бул бөлүмдө ал сырлардын бир канчасына токтолуп, оору же кырсык сыяктуу учурларда чын ниеттүү бир ыймандуунун моюн сунуучулугунун кандай болушу керек экенин карайбыз.

## Оору адамга алсыздыгын жана Аллахка муктаж экенин эстетет

Ооруганда адамдын ошол күнгө чейин бир жакшына турган денеси көзгө да көрүнбөгөн вирустар менен микробдордон жеңилет. Жана белгилүү болгондой, көп оорулар алсыздыкка, ар кандай жердин оорушуна себеп болот. Ал тургай, кээ бир оору түрлөрүндө адам төшөктөн да тура алгыс даражада алсыз болуп калат же денеси ошончолук катуу ооруйт. Микроскопиялык бир вирустун денесин мынчалык алсыздатылышына жолтоо боло албаган адам мындай учурларда өзүнүн алсыздыгын жана Аллахка канчалык муктаж экенин бир топ жакшы түшүнөт. Натыйжада ден-соолугу чың кезде бой көтөрүп, текеберденген, колундагы байлык, бийлиги менен мактанган адам балким убагында жакшылап ойлонбогон бул чындыкты байкашы мүмкүн. Бүт нерсенин Жаратуучусу Раббибиздин чексиз кудуретин жакшыраак түшүнүшү ыктымал.

## Ооруган учурда ден-соолукта болуунун Аллахтын бир берешендиги жана жакшылыгы экенин жакшыраак түшүнөбүз

Күнүмдүк жашоодо көбүнчө адамдар ден-соолукта болуунун канчалык чоң жакшылык экенин ойлонушпайт. Көп убакыт бою оорубаган жана натыйжада кыйналып, бир жери сыздабаган адам буга көнүп калат. Бирок күтүүсүз бир ооруга чалдыкканда ден-соолукта болуунун Аллахтын бир сыйы экенин түшүнөт. Себеби бир нерсенин кадырын аны жоготкондо же андан айрылганда жакшыраак түшүнөбүз. Белгилүү Ислам аалымы Саид Нурси да айткандай, «суук болбосо жылуулук билинбейт, андан ырахат алынбайт. Курсак ачпаса, тамак ырахат бербейт. Оору болбосо ден-соолуктун ырахаты болбойт. Б.а. бүт нерсе карама-каршысы менен түшүнүлөт жана кадыры билинет.»

## Адам катуу ооруганда дүйнөнүн убактылуу экенин, өлүмдү жана акыретти көбүрөөк ойлонуп башташы мүмкүн

Көп адамдар өтө олуттуу бир ооруга чалдыкканда же бир органынан айрылганда, муну бир жамандыктай көрүшү мүмкүн. Чындыгында болсо, балким ал кишинин оорусу дарт катары, балээ катары эмес, акыретте кутулууга жетип, бир гана Аллахка бурулушу үчүн бир себепчи катары ага берилгендир. Себеби олуттуу бир ооруга чалдыккан адамдын көзү бир топ ачылат. Жаны кыйналганда адам көнүмүш маанайдан, б.а. капылеттиктен чыгып, жашоонун маанисин жана акыретти көбүрөөк ойлонуп башташы ыктымал. Ал адам дүйнөгө байлануунун маанисиздигин жана өлүмдүн канчалык жакын экенин түшүнөт. Бүт өмүрүн эч нерсени ойлонбой, капылеттикте өткөрүүнүн ордуна, эч күтүүсүз ооруга чалдыкканда балким акырет жашоосунун жана Аллахтын ыраазылыгына жетүүнүн маанисин түшүнүп, түбөлүк жашоосунда кутулууга жетиши мүмкүн.

## Адамдын Аллахка дубасы көбөйүп, Ага жакындайт

Олуттуу бир оорунун денедеги белгилери көбөйгөн сайын көп адамдар дайыма ойлонуудан качкан өлүмдү ойлонуп баштайт жана адам чын жүрөктөн Аллахка дуба кылып, ден-соолук сурайт. Өмүр бою эч дуба кылбаган бир адам да катуу ооруга кабылганда, Аллахка жалбарышы мүмкүн. Раббибизге өтө чын ыкластан дуба кылышы, жана ушул себептен Аллахка жакындыгы өсүшү ыктымал. Жана эгер ал адам айыкканда да ошондой чын ыклас менен дубаларын улантса, ден-соолугу чыңыганда шүгүрсүздүк кылбаса, башына келген оору ал үчүн чоң бир жакшылыкка, б.а. ыкластуу өмүр сүрүшүнө себепчи болгон болот.

Аллах Куранда мындай кыйын учурларда Өзүнө кайрылган адамдарды кабар берген. Аяттарда мындай деп айтылат:

**Адамга немат-жакшылык бергенибизде, жүз буруп, бурулуп кетет; ага бир жамандык келгенде болсо, ал көп (көп жана терең терең) дуба кылуучуга айланат. (Фуссилет Сүрөсү, 49-51)**

**Адамга бир жамандык келгенде, жатып алып да, отуруп да же турганда да Бизге дуба кылат; ал жамандыкты андан алып койгонубузда болсо, ага тийген зыянга Бизди эч (жардамга) чакырбаган сыяктуу болуп бурулуп кетет. Чектен чыккандарга кылган иштери мына ушундай коoздолгон. (Йунус Сүрөсү, 12)**

**Адамдарга бир зыян келгенде, «чын көңүлдөн толук моюн сунуп», Раббилерине дуба кылышат; анан Өзүнөн аларга бир мээрим бергенде болсо, ошол замат бир тобу Раббилерине шерик (ширк) кошушат. (Рум Сүрөсү, 33)**

Бирок жогорудагы аяттардан көрүнүп тургандай, адамдын кыйынчылык учурунда дуба кылышы жетиштүү болбойт; Аллахтын алдында алсыздыгын түшүнгөндө дуба кылган сыяктуу, ага жакшылык берилгенде да, Аллахка жакын болушу керек. Ошентип оору жана кыйынчылык ага кабылган кишинин алсыздыгын түшүнүп, тообо кылышына жана калган өмүрүн Аллахка моюн сунуп өткөрүшүнө себепчи болот.

## Ооруганда Аллахка таянуунун жана сабыр кылуунун акысы акыретте түбөлүк бейишке жетүү аркылуу алынат

Буга чейин да айтылгандай, оорулардын бир максаты – дүйнө жашоосунда адамдардын сабырларын жана Аллахка болгон таянычын (тобокелдигинин) сыноо. Ыймандуулар бир ооруга чалдыкканда, Аллахка карата туруктуулугу, Ага таянуусу жана сабыры менен караңгы адамдардан айырмаланышат. Себеби кыйын учурларда жакшы кулк-мүнөздө болуу Аллахтын ыраазылыгына туура келет жана акыретте ага чоң сыйлык берилет деп үмүт кылышат. Ооругандан мурда Аллахка толук моюн сунбаган киши болсо балким оору себептүү ушундай жакшы касиеттерге жетип, убактылуу дүйнө жашоосундагы кыска убакытка созулган кыйынчылыктар үчүн түбөлүк бейиш жашоосунун сый-жакшылыктарына жетиши мүмкүн.

Аз. Ибрахимдин оору менен байланыштуу чын ыкластуу дубасы ыймандуулар үчүн сонун бир өрнөк. Ал дуба аяттарда төмөнкүчө кабар берилет:

**«Ооруганда мага шыпаа берген – Ал (Аллах). Мени өлтүрө турган, кийин тирилте турган да – Ал.» (Шуара Сүрөсү, 80-81)**

Дагы бир сонун өрнөк болсо – Аз. Айубдун кыйналган учурдагы мамилеси жана мыкты кулк-мүнөзү. Куранда айтылышынча, Аз. Айубга оор бир кыйынчылык келген, бирок ал ошол кыйын учурда Аллахка өтө бекемдик жана туруктуулук көрсөтүп, башкаларга өрнөк болгон. Ушул себептен Аз. Айуб – Аллахка ишенип, таянган жана моюн сунган мамилеси менен Куранда макталган бир пайгамбар.

Куранда кабар берилишинче, Аз. Айуб ал кезде, мындан тышкары, шайтандын терс азгырыктарына да кабылган. Шайтан анын кыйын абалда калганынан пайдаланып, аны

Аллахка таянуудан алыстатканга аракет кылган. Оору же бир кыйынчылык учурунда кээ бир адамдар көңүлүн жакшы топтой албаганы үчүн, шайтандын азгырыктарына оңой кириши мүмкүн; бирок Аз. Айуб Аллахка чын көңүлдөн моюн сунган бир пайгамбар катары шайтандын мындай тузагына түшкөн эмес. Кыйналганын чын жүрөктөн Аллахка айтып, Андан жардам сурап дуба кылган. Куранда Аз. Айубдун өрнөк дубасы мындайча кабар берилет:

**Жана Айубду да эсте. Ал Раббисине: «Мени бул дарт (жана оору) ороп алды. Өзүң ырайымдуулардын эң ырайымдуусусуң.» деп дуба кылды. Анан Биз анын дубасын кабыл кылып, аны дарттан арылттык... (Анбия Сүрөсү, 83-84)**

Аллах анын мындай чын ниеттүү дубасына жооп берип, «Шафи» (шыпаа берүүчү) сыпаты менен эмненин ага шыпаа болоорун Аз. Айубга кабар берген. Аяттарда мындай деп айтылат:

**Пендебиз Айубду да эстегин. Ал: «Шайтан мага оор бир кыйноо жана азап жеткирди окшойт» деп Раббисине кайрылган эле. «Бутуңду кыймылдат. Мына жууна турган жана иче турган муздак» (суу деп вахий кылдык). Кабатыбыздан ага бир мээрим жана акылы тазалар үчүн бир сабак катары үй-бүлөсүн жана алар менен бирге дагы ошончону тартуу кылдык. «Жана колуңа бир десте (сап) алып, аны менен ур жана антыңды бузба.» Чындыгында Биз анын сабыр кылуучу экенин көрдүк. Ал кандай сонун кул (пенде) эле. Себеби ал (дайыма Аллахка) кайрылган адам эле. (Сад Сүрөсү, 41-44)**

Аз. Айуб башына кыйынчылык келгенде Раббибизге болгон таянычы, жакындыгы жана сабыры менен мыкты мүнөзүнүн сыйлыгын, эч күмөнсүз, толугу менен алган (эң туурасын Аллах билет). Өзүнөн кийинки бүт мусулмандарга да мындай терең тобокели (Аллахка таянычы) менен сонун өрнөк болгон.

## Ыймандуулардын кетирген каталарында да жакшылык бар

Караңгы элдерде адамдардын эң көп тартынган нерселеринин бири – бул ката кетирүү. Себеби ката кетирген киши эл алдында уят болуп, көбүнчө шылдыңдалат. Же өзү үчүн маанилүү деп ойлогон кээ бир мүмкүнчүлүктөрдөн ажырайт. Ошондуктан караңгы коомдо жашаган адамдарда ката кетирүү «коркунучтуу бир түштөй» эле болуп калган.

Ал эми Куран адеп-ахлагында болсо такыр башкача. Эң биринчиден, ыймандуулар эч кимди кетирген катасына карап баалашпайт. Ката кетирген кишинин да бир адам экенин, табиятынан катага жакын экенин билип, ага боорукердик жана мээрим көрсөтүшөт.

Ошондой эле, ыймандуу адам өзү ката кетиргенде болсо, түз ниети менен ойлонуп өзүнүн катасын түшүнөт, жана Аллах коркуусу менен жүрөгү ага багыт көрсөтөт. Катасын оңдоого аракет кылат. Чексиз мээримдүү Аллахка дуба кылып, кечирим сурайт.

Ыймандуунун ката кетиргенде сезген бушаймандыгы да ал үчүн бир жакшылык болот. Себеби бул бушаймандык – караңгы адамдардыкындай өзүн кыйнаган бир бушаймандык эмес, ал катаны кайра кетирбейм деген чечим. Мындайда ыймандуунун тагдырга моюн сунуп, өзүн тапшырып, бүт окуялардын тагдырында экенин билиши өтө маанилүү. Натыйжада Аллахка болгон жакындыгы алда канча өсөт.

## «Ар бир жан өлүмдү татат...»

Караңгы адамдардын ишеними боюнча, бир адамдын башына келчү эң жаман окуялардын бири – бул жакындарынын же өзүнүн өлүмү. Өлүмгө жакындоо же бир жакынынан айрылуу эң корккон нерселеринин башында турат. Өлүм жөнүндө көп сөз кылбай, башка темаларга эртерээк өтүп кетүүгө аракет кылышат. Караңгы адамдардын туура эмес түшүнүгү боюнча, балким көп эле нерселерге жакшылык көзү менен караганга болот, бирок бир адамдын өлүмүндө эч бир жакшылык болбойт.

Динден алыс жашаган адамдардын өлүмгө болгон көз-карашы дайыма окшош болот жана башка көз-караш эч ойлоруна келбейт. Мындай адамдар өлүмдү бир «жок болуу» катары көрүшөт жана акырет жашоосунан күмөн санашат. Динден алыс адамдар үчүн дүйнө жашоосу – алардын колундагы жалгыз өмүр. Ошондуктан алардын ою боюнча, өлгөндө бул мүмкүнчүлүк толук колдон кетет жана өлгөн адамдын артында бир гана кайгы калат. Өзгөчө абдан жакшы көргөн бир жакыны көз жумган бир адам ичинен сөзсүз абдан кайгырып, кыйналат. Ал тургай, бир жакыны жаш кезинде көз жумган болсо, Аллахка жана тагдырга арызданып, баш көтөрөт. Бирок динден алыс жашаган мындай адамдар өтө маанилүү чындыктарды унутушкан болот:

Эң биринчиден, жер жүзүндөгү адамдардын эч бири өз каалоосу менен бул дүйнөгө келген эмес. Адамдардын эч бири өз эрки менен өмүр сүрүп баштаган эмес. Бүт адамдардын өмүрү Аллахтын колунда; бүт адамдар Улуу Аллах белгилеген убакта жана Анын каалоосу менен жашоого келген. Асмандардын, жердин жана ал экөөнүн арасындагы жандуу, жансыз бүт нерсенин ээси Аллах каалаган адамынын жанын каалаган жол менен жана каалаган убакта алат. Аллах тагдырда белгилеп койгон ал убакытты эч ким артка же алдыга жылдыра албайт. Бул чындык Куранда төмөнкүчө кабар берилет:

**Аллахтын уруксаты болмоюнча, эч бир жан (напси) үчүн өлүм жок. Ал мөөнөтү аныкталып коюлган бир жазуу. Ким дүйнөнүн пайдасын (сообун) кааласа, ага андан беребиз, ким акырет сообун кааласа ага ошондон беребиз. Биз шүгүр кылгандарга абдан жакында сыйлык беребиз. (Али Имран Сүрөсү, 145)**

Ошондой эле, адам өлүмдөн алыстоо үчүн канчалаган чараларды көрсө да, өз оюнда өтө коопсуз көргөн жерлерге жашынса да, өлүмдөн кача албайт. Эч күтпөгөн бир абалда бул дүйнө менен коштошушу мүмкүн. Ошол сыяктуу, бир жакыны өлбөшү үчүн канчалык аракет кылса да, ал тургай, бүт дүйнөнүн мүмкүнчүлүктөрүн жумшаса да бул каалоосуна –Аллах кааламайынча- жете албайт. Бир аятта өлүмдүн бүт тараптан адамды табаары төмөнкүчө айтылган:

**Каерде болсоңор да, өлүм силерди табат; бийик жерде бекем курулган сарайларда болсоңор дагы... (Ниса Сүрөсү, 78)**

Ошондуктан адам өлүмдөн качып же жакындарын качырууга аракет кылуунун ордуна, өлүмдөн кийинкиси үчүн даярдык көрүп, сүйгөн адамдарынын да акыреттеги түбөлүк жашоо үчүн даярдык көрүшүнө себепчи болушу зарыл.

## Өлүм бир бүтүш эмес, башталыш

Акыретке ишенбеген же акырет ишеними алсыз адамдардын өлүм жана өлүмдөн кийинки жашоо жөнүндөгү көз-карашы өтө туура эмес болот. Ушул себептен жогоруда айтылгандай, өлүмдү жакшы бир окуя катары эмес, бир кырсыктай көрүшөт. Өлгөн кишини кайра эч качан көрбөйм жана ал топурак болуп жок болду деп ойлошот.

Бирок, өлүм бир жок болуу эмес; тескерисинче адамдардын чыныгы мекени болгон акырет жашоосуна өтүшүнө бир себепчи. Адамдар дүйнөдө кылган жакшылык жана жамандыктарынын акысын ала турган сурак күнүнө жакындатуучу бир окуя. Жана сөзсүз бүт адамдар өлүмгө кабылып, түбөлүк мекен акыретке өтүшөт. Бул кээ бир адамдарга жаш кезде келсе, кээ бир адамдарга улгайганда келет. Бирок жыйынтыгында эч бир адам жер жүзүндө түбөлүк калбайт; адам күн сайын өлүмгө бир аздан жакындай берет. Ушул себептен өлүмдөн качууга аракет кылуу, өлүмдү ойлонбоо, өлүмдү бир кырсыктай көрүү өтө чоң акылсыздык болот.

Кээ бир кишилер болсо акыретке ишенем десе дагы, баары бир өлгөн адамдын артынан ыйлоону жана кайгырууну табигый нерседей көрүшөт. Чындыгында болсо, Аллах чексиз адилеттүү. Өлгөн киши Раббибизге сурак берет жана дүйнөдө кылгандарынын баарынын сыйлык же жазасын толук алат. Ошондуктан Аллахка жана акырет күнүнө ишенген, дүйнө жашоосунда Раббибиз каалагандай өмүр сүргөн ар бир адам үчүн өлүм чексиз сонун бир жашоонун эшиги болот. Ыймандуулар үчүн өлүм – бул түбөлүк кутулуунун башталышы. Бирок жер жүзүндө бой көтөрүп, акырет жок деп, Аллахка сурак берээрин унуткан караңгы адамдар үчүн өлүм түбөлүк бир азаптын эшиги болот. Ошондуктан андай адамдардын өлүмдү бир жакшылык катары көрүшү мүмкүн эмес.

Мындай бүтүндөй карама-каршы түшүнүктөр себебинен бир ыймандуунун өлүмүнө кабылган башка ыймандуулардын мамилеси караңгы адамдардын мамилесинен такыр башкача болот. Себеби караңгы адамдардын ишеними боюнча эң жаман окуя деп

эсептелген өлүм ыймандуулар үчүн бир жакшылык себепчиси катары көрүлөт. Ыймандуулар өлүмгө Улуу Аллахтын төмөнкү аятынын негизинде карайт:

**Ант болсун, эгер Аллах жолунда өлтүрүлсөңөр же өлсөңөр, Аллахтан келген бир кечирим жана мээрим алардын бүт жыйнап жаткандарынан жакшыраак. (Али Имран Сүрөсү, 157)**

Бул аяттан көрүнүп тургандай, ыймандуулардын жашоосу да, өлүмү да жакшылык болот. Өзгөчө Аллах жолунда бир жумуш кылып жатып өлгөн ыймандуулар үчүн Аллах Кабатында атайын бир даража бар. Ошондуктан шейиттик даражасы негизи бир ыймандуу үчүн кадыр-барк болот, жана акыреттеги сыйлыгын көбөйтө турган жакшы окуя. Акырет жашоосун максат кылган жана Аллахтын ыраазылыгына жетүү максатында жашаган бир ыймандуунун Аллах жолунда шейит болушу анын кадыр-баркын абдан көтөрөт. Куранда кабар берилген бул сүйүнүчтүү кабарды билген ыймандуулар башка бир ыймандуу Аллахтын ыраазылыгына жетүү үчүн аракет кылып жатып өлсө, эч кайгырышпайт. Тескерисинче, ал ыймандуу адамдын өлүмүндөгү жакшылыктарды көрүп, кубанышат. Албетте, эң жакшы нерсе – бул Аллахтын ыраазылыгына жана бейишине жетүү. Узун жана жакшы өмүр сүргөн, бүт ибадаттарын орундаткан, мисалы, калп айтпаган, жакшылык кылууну жактырган, адилеттүү, зекетин берген, орозосун кармаган, 5 убак намазын калтырбаган, Аллах койгон чектерден чыкпаган бир ыймандуунун Аллах Кабатында даражасы бийик болот деп үмүт кылууга болот.

Ал эми ыймансыз элдердин баарынын бир жаңылыш ою бар: бул – аларга берилген өмүр канчалык узун болсо, ошончолук жакшы болот деген көз-караш.

Төмөнкү аятта Аллах бул жөнүндөгү чындыкты апачык баян кылган:

**Ал каапырдыкка адашкандар аларга берилген мөөнөттү эч өздөрү үчүн жакшылык деп ойлошпосун, Биз аларга күнөөлөрү андан да көбөйсүн деп гана убакыт берүүдөбүз. Алар үчүн басмырлоочу бир азап бар. (Али Имран Сүрөсү, 178)**

Бүт идеалдары менен өмүрлөрүн дүйнө жашоосунун убактылуу пайдаларына жетүүгө арнаган караңгы адамдар өмүрлөрү канчалык узун болсо, ошончолук көп дүнүйөлүк нерселерден пайдалана алабыз деп ойлошот. Ушундайча Аллахты жана акырет күнүн толук унутуп жашаган мындай адамдар бошко короткон убактысынын акырет жашоосу үчүн канчалык чоң мааниге ээ экенин түшүнүшпөйт. Бирок, жогорудагы айтта да айтылгандай, өздөрү үчүн жакшылык деп ойлогон бул мөөнөт толугу менен алардын зыянына иштейт.

Бул мисал жөнүндө ойлонгон адам жакшылык жана жамандык дегенди кандай түшүнүү керек экенин, Аллахтын «жакшылык деп ойлогонуңар жамандык, жамандык деп ойлогонуңар жакшылык» (Бакара Сүрөсү, 216) болушу мүмкүн деген өкүмүн бир топ терең түшүнө алат.

# ОКУЯЛАРДАГЫ ЖАКШЫЛЫКТАРДЫ КӨРҮҮГӨ ЖОЛТОО БОЛГОН СЕБЕПТЕР

## Дүйнөнүн бир сыноо мекени экенин унутуу

Бир катар адамдар өмүрлөрүнүн көп бөлүгүн күнүмдүк жашоонун агымы ичинде, кокустуктар натыйжасында болуп жатат деп ойлошот. Бирок мындай түшүнүк өтө чоң бир жаңылыштык. Бир адамдын рак болушу же бир жол кырсыгында жакынынан айрылышы сыяктуу чоң окуялардан, жеген тамагы, кийген кийимине чейин бүт баары – ал адамдын тагдырында белгиленген өзгөчө окуялар. Бүт бул окуяларды адамды сыноо үчүн эң майда-чүйдөсүнө чейин Аллах жаратып жаткан болот.

Ыймандуулар менен ыймансыздар арасындагы эң негизги айырма ушул жерде келип чыгат. Ыймандуулар өз баштарына келген окуяларга да, айланаларында болуп жаткандарга да такыр башкача көз-караш менен карашат. Бул – Куранда Аллах буйругандай ойлонуп, ар бир окуяга сыноо көзү менен кароо. Ошондуктан ыймандуулар башына келген ар бир окуяда сыналып жатканын билип, Аллахты ыраазы кыла тургандай мамиле көрсөтүүгө аракет кылышат.

Ал эми Куран адеп-ахлагы менен жашабаган адамдардын көпчүлүгүнүн жетүүнү көздөгөн ар кандай максаттары бар. Ал максаттар көбүнчө жакшы университетте окуу, бактылуу үй-бүлө куруу, балдарын үйлөндүрүү, ийгиликтүү бир бизнесмен болуу, жогору бир кызмат ордуна жетүү, бай жана абройлуу бир адам болуу сыяктуу максаттардын тегерегинде болот. Бул саналгандардын баары кадыресе максат-каалоолор, бирок кээ бир адамдардын бул каалоолорго жетүүнү өмүрүнүн эң негизги максатына айландырып алышы туура эмес болот. Андай адамдардын бүт пландары менен аракеттери ошол тар максатты көздөйт. Себеби ал адамдар жашоо ушул дүйнө менен гана бүтөт деп ойлошот. Бирок мындай күмөн өтө чоң бир жаңылыштык. Бир адам өмүр бою каалаганынын баарына жеткен болсо да, аягында өмүрү бир күнү бүтөт. Жана чыныгы түбөлүк жашоого, акыретке кадам таштайт. Ошондуктан дүйнөнүн убактылуу кооздуктарына жетүүнү гана көздөп өткөрүлгөн өмүр, Аллахтын каалоосунан тышкары, текке кеткен бир өмүр болот.

Болгондо да, мындай өмүрдү өзүнө максат кылып алган бир адамдын дүйнөдө да каалагандарына толук жетиши мүмкүн эмес. Аллах жараткан мыйзам боюнча, дүйнөдөгү буюмдар, нерселер убакыттын өтүшү менен эскирип, бузулат. Убакыттын эскиртүүчү таасири бүт нерсеге таасир берет. Мисалы, өтө кооз, жыты сонун бир мөмө бир канча күндөн кийин адам жегис болуп калат; канчалаган жыл эмгектенип алынган бир үй аягында эскирип, колдонулбас абалга келет. Жана эң негизгиси дүйнөдөгү бүт нерселер сыяктуу адам денеси да убакыт ичинде тездик менен картайат. Убакыттын эскиртүүчү таасирин жана дененин картайышын бүт адамдар башынан өткөргөнгө мажбур.

Чачтардын агарышы, белгилүү бир жаштан соң клеткалардын өлүп башташы, денедеги муундардын ооруп башташы, теринин бырышышы жана дагы көптөгөн алааматтар адамдын өлүмгө жакындаганын эскертүүчү апачык далилдерден.

Улгайуудан сырткары, адам өмүрү эң жакшы ыктымалдык менен орточо 60-70 жылга созулат; бирок алдынан чыккан көптөгөн окуялар менен бул процесс андан да кыскарышы мүмкүн: жол кырсыгы, өлүмгө себеп болчу бир оору сыяктуу факторлор адам өмүрүнүн эч күтүүсүз аякташына себеп болушу ыктымал. Мурдакы бөлүмдө да айтылгандай, адам канчалык өлүмдү ойлобогонго, аны унутканга аракет кылбасын, өзүнүн да ажалы бир күнү сөзсүз келет. Дүйнөнүн эң сулуу адамы болсо да, эң байы же эң атактуусу болсо да, ар бир адам сөзсүз өлүмгө жолугат. Бүт өмүрүн сарптап жыйнаган мал-мүлкү, балдары, достору аны өлүмдөн сактап кала албайт. Бул чындык Куранда төмөнкүчө кабар берилет:

**Айткын: «Албетте, силер качкан өлүм, күмөнсүз силерге келет. Кийин кайыпты да, аныкты (күбө болунганды) да билген (Аллах)ка кайтарыласыңар; Ал силерге кылгандарыңарды кабар берет.» (Жума Сүрөсү, 8)**

Булардын баары бир гана акыйкатты көрсөтөт; дүйнө жашоосу убактылуу жана адамдын чыныгы мекени эмес. Демек адамдын чыныгы максаты бул дүйнө эмес, акырет болушу керек. Аятта мындай деп айтылат:

**Силерге берилген нерселердин баары дүйнө жашоосундагы убактылуу пайдалануу гана. Аллах Кабатындагы болсо жакшыраак жана мөөнөтү жагынан узун. (Ал болсо) ыйман кылып Раббилерине таянгандар (тобокел кылгандар) үчүн. (Шура Сүрөсү, 36)**

Дүйнө жашоосунун убактылуу экени жана адам денесинин сөзсүз өлөөрү ушунчалык апачык көрүнүп турат; демек өтө маанилүү бир нерсе жөнүндө ойлонуу керек. Бул – адамдын жаратылуу максаты. Аллах Куранда дүйнө жашоосун жаратуу максатын төмөнкүчө кабар берген:

**Ал, амал (иш-аракеттер) жагынан кайсыңардын жакшыраак болоорун сыноо үчүн өлүмдү жана жашоону жаратты. Ал бийик жана кудуреттүү, абдан кечиримдүү. (Мүлк Сүрөсү, 2)**

Аллах Курандагы көптөгөн аяттар аркылуу адамдын жаратылуу максатынын Өзүнө кулчулук кылуу экенин жана дүйнө жашоосунун жакшы менен жамандардын бири-биринен бөлүнүшү үчүн бир сыноо мекени катары жаратылганын билдирген. Бул жөнүндөгү бир аят төмөнкүчө:

**Албетте, Биз жер бетиндегилерди ага бир кооздук кылдык; алардын кайсысынын жакшыраак иш-аракет кылаарын сыноо үчүн. (Кехф Сүрөсү, 7)**

Адам өмүр бою тынымсыз сыналып турат, эч нерсе кокустан болбойт. Эгер адам буларды түшүнбөй, окуялар Аллахтан көз-карандысыз, өзүнчө болуп жатат деп ойлосо, анда өтө чоң ката кетирет. Себеби жашоонун агымында болуп жаткан окуялардын баары негизи Аллах ал кишиге жашатып жаткан сыноолор болот. Жана адам ал сыноого жооп кылып жасаган мамилерине, кылган иштерине жооп берет. Ал иштери менен кулк-мүнөзү анын түбөлүк жашоодогу абалын аныктайт. Чоң же кичине эч нерсенин кокустан болбошун, баарынын Аллах тарабынан ал адамдын тагдырында белгиленген окуялар экенин адам эч качан унутпаш керек. Адам бул чындыкты унутпаса эле, башына келгендердин баарынын ал үчүн жакшылыктарга толо экенин да унутпайт. Себеби бүт баары Аллахтын каалоосу менен болот. Демек, адам окуялардагы жакшылыктарды жана сырларды көрүү, кыскасы бүт нерсени «жакшылыкка жоруу» үчүн эң биринчиден дүйнө жашоосунун сыноо мекени экенин унутпашы зарыл.

## Эч кимге көтөрө алгандан оор жүк жүктөлбөйт

Аллах ар бир адамды ар кандай окуяларды жана адамдарды себепчи кылып, ар түрдүү жолдор менен сынайт. Бирок бул жерде муну да айта кетүү керек: Аллах чексиз адилеттүү жана кулдарына өтө Халим (өтө жумшак); адамга күчү жетпей турган бир жоопкерчилик жүктөбөйт. Бул Аллахтын бир убадасы:

**Эч кимге күчү жеткенден ашыкчасын жүктөбөйбүз; колубузда акыйкатты айта турган бир китеп бар жана алар эч бир адилетсиздикке туш болушпайт. (Мүминун Сүрөсү, 62)**

**Ыйман келтирип, чын ыкластуу иштерди жасагандар бейиштин калкы. Биз эч кимге күчү жеткенден ашыкчасын жүктөбөйбүз. Ал жерде (бейиште) түбөлүк жашашат. (Аьраф Сүрөсү, 42)**

Дүйнө жашоосунда адамдын башына келген ар кандай оор сыноолор, оорулар, кырсыктар, материалдык жана руханий кыйынчылыктар жана башкалар анын көтөрө ала турган күчүнүн чегинде болот. Бирок адам жакшы мүнөз менен сабырдын ордуна, шайтандын мүнөзү болгон баш көтөрүүнү жана шүгүрсүздүктү тандаса, анда бул өзүнүн тандоосу болот жана андай мамилеси үчүн жооп берет.

Кээ-кээде башына келген окуяларда адам эми мындан чыгуунун жолу жок, баары бүттү, бул мен өтө албай турган кыйынчылык деп ойлошу мүмкүн. Ал окуяда бир жакшылык болушу мүмкүн экенин унутуп, сүйлөнүп, ачууланып башташы мүмкүн. Бирок алар негизи шайтандан келген куру санаалар гана болгон болот. Чын ниеттүү бир

момун (мумин, ыймандуу адам) башына келген окуя кандай гана болбосун, сөзсүз жакшы мүнөз менен кабыл алып, сабыр кыла ала турган бир жагдайга туш болгонун билиши керек. Үмүтсүздүккө түшүү болсо шайтандан келген бир азгырык болот. Аллах кулдарына Менин мээримимден үмүт үзбөгүлө деп буйруган:

**Алар чындыгында Аллахтын каалаганына ырыскыны көбөйтүп-жайаарын жана (каалаганына) азайтаарын билишпейби. Эч күмөнсүз мында, ыйман кылган бир коом үчүн чындап аяттар бар. (Менден аларга) Айткын: «Эй өз зыянына чектен чыккан пенделерим. Аллахтын ырайымынан үмүт үзбөгүлө. Күмөнсүз, Аллах бүт күнөөлөрдү кечирет. Себеби Ал кечиримдүү, боорукер.» Азап силерге келип калаардан мурда Раббиңерге кайткыла (бурулгула) жана Ага моюн сунгула. Кийин силерге жардам берилбейт. (Зүмер Сүрөсү, 52-54)**

Аллахтын жогорудагы аяттарда билдирген буйругуна моюн сунуп, жакшылык көзү менен караган адам аяттарда айтылгандай жакшылыкка жолугат; үмүт үзгөн болсо жападан жалгыз жана жардамчысыз калат. Аллах Анын мээриминен ыймансыздардын үмүт үзөөрүн төмөнкүчө кабар берген:

**Аллахтын аяттарын жана Ага жолугууну «жокко чыгарып, тангандар»; мына ошолор Менин мээримимден үмүт үзүшкөн; жана мына ошолор оор азапка туш болушат. (Анкебут Сүрөсү, 23)**

**... Аллахтын мээриминен үмүт үзбөгүлө. Себеби каапырлар коомунан башкалар Аллахтын мээриминен үмүт үзүшпөйт. (Йусуф Сүрөсү, 87)**

Ыймандуу адам Аллахтын буйругуна ылайык эч качан үмүтсүздүккө түшпөй, башына келген окуяларды тереңирээк ойлонушу зарыл. Башына бир кыйынчылык келгенде төмөнкүлөрдү ойлонушу керек: бул сыноо учурунда өзүнүн эр жүрөктүгүн, сабырын, боорукердигин, акылдуулугун, туруктуулугун, берилгендигин, сүйүүсүн, жан аябастыгын бул дүйнөдө көрүп, негизи өзүнө өзү күбө болуп жаткан болот. Эсинде калган маалыматтары менен акыретке барганда, ушундай жакшы мүнөзү жана мамилеси үчүн бейиштин берилгенин түшүнүү ага өзүнчө бир ырахат тартуулайт. Кыйынчылыктарды көргөн жан (напси) алардын ордуна бейиште берилген жеңилдиктер менен сый-жакшылыктарды абдан жакшы билип-сезет жана натыйжада өтө күчтүү ырахат алат. Муну унутпаш керек: кыйынчылыкты билбеген жеңилдиктин эмне экенин түшүнө албайт; түшүнсө да кыйынчылыкты билген адамдай терең сезе албайт. Ошондуктан ыймандуунун дүйнөдө башынан өткөргөн ар бир кыйынчылыгы акыретте өзүнө чоң бир ырахат булагы болот.

Мындан тышкары, дүйнөдө сабырдуу, акылдуу, оңойлоштуруучу, тең салмактуу, токтоо, кечиримдүү, боорукер, бүт нерсени сүйгөн, мыкты мүнөздүү болуунун өзүнчө,

терең бир ыймандык ырахаты бар. Бир ыймандуу мындай сонун мүнөздөрдү өзүндө көргөндө абдан ырахат алат; башка ыймандуулар андан алган ыймандык ырахатты сезгенде болсо, андан да өзүнчө бир ырахат алат. Мындай ырахат алуу, ыраазылык жана сонун сезимдер Аллахтын уруксаты менен бейиште түбөлүккө уланат.

## Ар кандай жамандык адамдын өзүнөн

Курандан кабарсыз адамдардын орток өзгөчөлүктөрүнүн бири; аларга жакшылык келип же бейпил жашаган кезде муну өзүм себептүү деп ойлошуп, текебердикке кабылышат. Баштарына бир жамандык келгенде болсо ошол замат күнөөлөй турган бирөөлөрдү издешет. Чындыгында болсо, Аллах чексиз адилеттүү жана ар кандай жамандык адамдын өзүнөн болот. Аятта мындай деп айтылат:

**Сага кандай жакшылык келсе Аллахтан, кандай жамандык келсе ал өзүңдөн болот... (Ниса Сүрөсү, 79)**

Куранда ыймансыздардын окуяларга туура эмес баа беришине мисалдар берилген. Мисалы, Фараон менен айланасындагылар башына жамандык келгенде аны Аз. Муса менен анын жанындагылардын кара мүртөздүгүнөн дешкен, бирок чындыгында чыныгы кара мүртөз жана жамандар өздөрү болушкан. Бул Аьраф Сүрөсүндө төмөнкүчө кабар берилген:

**Аларга бир жакшылык келгенде «Бул биз үчүн» дешип; аларга бир жамандык келгенде (аны болсо), Муса менен жанындагылардын бир кара мүртөздүгү катары жоромолдошчу. Кабарыңар болсун, Аллах Кабатында чыныгы кара мүртөздөр өздөрү, бирок алардын көпчүлүгү билишпейт. (Аьраф Сүрөсү, 131)**

Жогорудагы мисалдан көрүнүп тургандай, динден алыс адамдар кандай жагдай болсо да, күнөөлөй турган кишилерди издешет. Өздөрүнүн кылган жамандыгы менен чыккынчылыгын көрмөксөн болуп, жакшы адамдарды жаман деп күнөөлөгөнгө аракет кылышат. Бирок жогорудагы аятта да көңүл бурулгандай, чыныгы жамандыктын булагы – бул өздөрү. Эгер мындай адамдар жакшыны жаман, жакшылыкты жамандык деп жоромолдоп жатышса, анын бирден бир жооптуусу да өздөрү болот.

## Тагдырды туура эмес түшүнүү

Адамдар өмүр бою келечеги үчүн, эртеңки күнү же бир саат кийинкиси үчүн ар кандай пландарды түзүшөт. Ал пландар кээде пландагандай ишке ашат, кээде болсо күтүүсүз окуялар себептүү ишке ашпай калат. Динден алыс адамдар муну кокустан болду деп ойлошот.

Чындыгында болсо пландалган программалар да иштебейт, күтүүсүз бурулуштар да болбойт. Ал план ишке ашса да, ашпаса да, бир адамдын башына келген окуялардын

баары – ал адамдын тагдырында Аллах алдын ала белгилеген окуялар гана. Бир аятта айтылгандай, «Асмандан жерге чейин бүт иштерди Ал ороп тартипке салат...» (Сажда Сүрөсү, 5). Жана дагы бир аятта айтылгандай, «Аллах бүт нерсени тагдыр менен жараткан.» (Камер Сүрөсү, 49).

Ар бир адам негизи өзүмдүн пландагандарым болуп жатат деп ойлосо да, чындыгында Аллах ал үчүн белгилеген тагдырды жашап жаткан болот. Ошондуктан адам бир нерселерди кылып тагдырымды өзгөртүп жатам деп ойлосо да, негизи тагдырындагы нерселерди ойлоп жаткан болот. Өмүрүнүн эч бир көз ирмеми тагдырынын сыртында эмес. Кома абалында жатып өлгөн адам тагдырында болгону үчүн өлөт, бир канча айдан соң комадан чыгып, айыгып кеткен киши да тагдырында болгону үчүн кутулат.

Тагдырды толук түшүнө албаган адам үчүн болсо бүт окуялар туш келди болуп жаткан кокустуктардын натыйжасы болуп саналат. Ал адам ааламдагы бүт нерсе ээнбаш кыймылдап жүрөт деп ойлойт. Ошондуктан башына жаман нерсе келгенде аны «шанссыздык» (жолу болбоо) деп атайт.

Бирок адамдын акылы жана ой жүгүртүүсү өтө чектүү; болгондо да адам убакыт жана мейкиндик менен чектелген бир жандык. Адамдын башына келген бүт бардык окуяларды болсо убакыт менен мейкиндиктен көз-карандысыз, «чексиз акылдуу» Аллах пландоодо. Бул чындык Куранда төмөнкүчө кабар берилет:

**Жер жүзүндө болгон жана силердин напсиңерде болуп жаткан ар кандай нерселердин (окуялардын) баарын Биз жаратуудан мурда бир китепте (жазып) койгонбуз. Күмөнсүз, бул – Аллах үчүн абдан оңой. (Хадид Сүрөсү, 22)**

Бул улуу акыйкат алдында адам бүт окуялардын жакшылык катары жаратылганын билип, Аллах ал үчүн белгилеген тагдырга моюн сунушу гана керек. Чындап ыйман кылган адамдар өмүрлөрүндөгү бүт нерсени Аллах белгилеп койгон бир тагдырга моюн сунаарын, бир максат менен жаратылганын билип жашашат. Натыйжада чыныгы жакшылыкка жетишет. Ыймандуулардын мындай сонун мүнөзү жана бекем моюн сунуучулугу Куранда төмөнкүчө айтылат:

**Айткын: «Бизге Аллах биз үчүн жазгандарынан башка, эч качан эч нерсе келбейт. Ал – биздин Мевлабыз (Досубуз). Жана момундар (ыймандуулар) бир гана Аллахка тобокел кылышсын (таянышсын). (Тообо Сүрөсү, 51)**

Адам жакшылык катары караса да, жамандык катары караса да боло турган нерсени токтотууга күчү жетпейт. Жакшылык катары көрсө утат; жамандык катары көрсө, өзүнө зыян тийгизгенден башка эч нерсеге жете албайт. Адамдын бушайман болгон сөздөрдү айтышы же ачууланып, арызданышы тагдырындагы бир секунданы да өзгөртпөйт. Ошондуктан кулдун бир гана милдети бар: Аллахтын чексиз адилетине жана

ал үчүн белгилеген тагдырга моюн сунуп, бүт окуяларды жакшылык көзү менен карап, жүрөгүнөн ыраазы болуп «тагдырын көрүү».

## Шайтан жакшылыкты көрүүгө тоскоол болгусу келет

Шайтандын өтө жакшылыкты билбеген жана козголоңчу экени бизге Куранда кабар берилген. Анын адамдарга оңдон, солдон, алдыдан жана арттан келээрин, адамдарды туура жолдон адаштыруу үчүн ар кандай жолго бараарын да аяттардан көрө алабыз. Шайтандын бул жеке максатына жетүү үчүн колдонгон эң негизги оюндарынын бири – бул адамдын башына келген окуялардагы жакшылыктарды көрүшүнө жолтоо болуп, Аллахка карата шүгүрсүз жана козголоңчу болушуна себеп болуу. Курандагы сонун адеп-ахлакты түшүнө албаган, динден алыс жашаган, акыретти унутуп өмүрлөрүн бош максатта өткөргөн адамдар шайтандын бул тузагына түшүшөт.

Шайтан мындай адамдардын өзгөчө сезгич жерлерин таап, ошол тараптардан жүрөктөрүнө азгырык салганга аракет кылат; аларды Аллахка жана Ал белгилеген тагдырга каршы чыгууга чакырат. Мисалы, бир адам кошунасы жол кырсыгына кабылганда, ага бул окуя тагдырда болчу деп оңой эле эскерте алат. Ал тургай, «берилген садакаңар бар экен, негизгиси өзүңөрдү Кудай сактаптыр» деген сыяктуу сөздөр менен аны жоошутканга аракет кылат. Бирок өзү же үй-бүлөсү мындай окуяга кабылганда андай токтоолук кыла албайт. Шайтан азгырган напсисинин оюнуна алданып, ачууланууну оңой көрөт. Себеби окуялардын жакшылык тарабын көрүүгө аракет кылуу, Аллахка моюн сунуу жана тобокел кылуу (таянуу) абийирдин иши. Эгер адам абийирин жетиштүү деңгээлде колдонбосо, мындай окуяларда дайыма туура эмес мамиле көрсөтөт.

Шайтан ар кандай темада анын жакшылыкты көрүшүнө тоскоол боло алат. Азгырык берүү өзгөчөлүгүн адамдын кылган иштериндеги жакшы тараптарды көрсөтпөө үчүн да колдонот. Мисалы, Аллах ыраазылыгы үчүн жакшы бир тарапка акчасын корото турган бир ыймандууга келечек коркуусун берип, байлыгың азайат, өзүң кыйынчылыкта каласың деген сыяктуу сезимдерди бергенге аракет кылат. Шайтандын мындай тузагы бир аятта төмөнкүчө кабар берилген:

**Шайтан силерди кедейлик менен коркутат жана силерге жаман-уятсыздыкты буйрук кылууда. Аллах болсо силерге Өзүнөн кечирим жана көп жакшылык убада кылууда. Аллах (ырайымы) кеңири, билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 268)**

Бирок булардын баары куру санаалар. Шайтандын бүт мындай тымызын пландары чын ыкластуу ыймандууларга эч таасир тийгизбейт. Себеби ыймандуу сооптуу иштерге акча коротууда дүйнө жашоосундагы бейпилдиги менен кызыкчылыгын максат кылбайт. Чыныгы максаты муктаждарга жардам берүү аркылуу Аллахтын ыраазылыгына, мээримине жана бейишине жетүү болот. Ошондуктан шайтан ыймандууларды мындай азгырыктар менен алдай албайт. Шайтандын ыймандууларды азгыра албашын Аллах Куранда кабар берген:

**Эгер сага шайтандан бир күүлөө (азгырык) келсе, ошол замат Аллахка корголон. Себеби Ал угуучу, билүүчү. (Аллахтан) Коркуп-тартынгандарга шайтандан бир азгырык жеткенде (алгач) жакшылап ойлонушат (Аллахты зикир кылып, эстешет), анан кийин карасаң, байкап түшүнүшкөн болот. (Аьраф Сүрөсү, 200-201)**

Бул жерге чейин айтылгандардан да көрүнүп тургандай, шайтан жакшылыктан тосууда негизинен эки тараптан адамдарга келет. Биринчиси; жакшы бир иш-аракетке тоскоол болуу үчүн колунан келгендин баарын жасап, адамдарды дүйнөнүн кооздугуна гана буруп, азгырууга аракет кылат. Экинчиси болсо; окуялардагы жакшылыктарды жана сырларды көрүшүнө жолтоо болгонго аракет кылат. Өзгөчө адамдарга бир кыйынчылык келгенде ал окуяларды «жамандыктай» көрсөтүп, адамдарды Аллахка каршы чыгарганга аракет кылат.

Бирок, Аллах адамга санап бүтө алгыс көп сый-жакшылыктарды тартуу кылган. Төрөлгөндөн өлгөнгө чейин дайыма чексиз жакшылыктарды берүүдө. Ошондуктан Аллахты дос жана таяныч туткан ыймандуулар башына келген бир окуянын сырын ошол учурда түшүнбөсө да, Аллахка таянып ишенишет жана аягында сөзсүз бир жакшылык болот деп сабыр кылышат. Кандай абалга гана түшпөсүн, эч ачууланып, арызданышпайт. Өтө кыйындай көрүнгөн бир абалда болушса да, бул абалдын аягында алардын пайдасына айланаарын билишет. Жана Аллахтын уруксаты менен баштарына келген оор окуя балким акыретте кутулууга жеткире турган өтө маанилүү бир бурулуш чекити болот.

# ПАЙГАМБАРЛАРДЫН ЖАНА ЫЙМАНДУУЛАРДЫН ӨМҮРЛӨРҮНӨН МИСАЛДАР

Пайгамбарлардын жана жанындагы чын ыкластуу мусулмандардын өмүр баянын караганыбызда, бул куттуу адамдардын өмүрлөрүнүн ыймансыздар менен пикирдик күрөш ичинде өткөнүн көрөбүз. Бул адамдар кээде бир караганда зыяндарына сыяктуу көрүнгөн көп окуяларга туш болушкан. Мына ушул жерде пайгамбарлар менен аларды ээрчиген ыймандуулардын эң негизги мүнөздөрүнүн бирин көрөбүз: шарттар кандай гана болбосун, баштарына келген окуялардын Аллахтан келгенин билген моюн сунуучу, бейпил жана Аллахка таянган токтоо мүнөздөрү...

Аллахтын элчилери менен чын ыкластуу ыймандуулар оор учурларда Аллахтын жардам берээрине толук ишенип, бүт нерсенин сөзсүз ыймандуулардын пайдасына болоорун билип жашашкан жана дайыма ушундай ишенимде болушкан. Аллахка болгон терең ыйманынан келип чыккан мындай мыкты мүнөзү бүт мусулмандар үчүн да сонун өрнөк болот.

## Ыймансыздардын акараттары

Куранда кабар берилгендей, тарых бою ыймандуулар аларды тосууга аракет кылган, ал тургай, аларды туура жолдон буруу үчүн ар кандай ыкмаларды колдонгон ыймансыз, атеист коомдорго жана эки жүздүүлөргө жолугушкан. Ыймансыздардын ыймандууларга сындаган, көңүлгө тийе турган сөздөрдү айтканы жана ар кандай жалааларды (өзгөчө жинди, жалганчы, сыйкырчы, кара жолтой, уятсыз сыяктуу жалааларды) жапканы Куранда баян кылынган:

**Ант болсун, мал-мүлктөрүңөр жана жандарыңар менен сыналасыңар жана силерден мурда китеп берилгендерден жана (Аллахка) шерик кошуп жаткандардан албетте абдан кыйноо берүүчү (сөздөр) угасыңар. Эгер сабыр кылып, тартынсаңар (бул) буйруктарга болгон бекемдиктен. (Али Имран Сүрөсү, 186)**

Жогорудагы аятта ыймандуулардын зыянына сыяктуу көрүнгөн жалган жалаалардын алар үчүн негизи бир жамандык эмес, тескерисинче бир жакшылык экенине басым жасалган. Башка бир аятта Пайгамбарыбыз (сав) доорунда болгон бир окуя мисал келтирилип, бул мындайча баяндалат:

**Чындыгында ойдон чыгарылган бир калп менен келгендер силердин араңарда чогуу жүргөн бир коом; силер аны өзүңөр үчүн бир жамандык деп ойлобогула, тескерисинче ал силер үчүн бир жакшылык. Алардын ар бирине**

**топтогон күнөөсүнөн (бир жаза) бар. Алардан (куру дооматтын) чоңун алганга (жасаганга) болсо чоң бир азап бар. (Нур Сүрөсү, 11)**

Эч күмөнсүз, өткөн замандарда ыймандуулардын башына келген мындай окуялар аларды тынчсыздандырып, коркутуу жана өздөрүнүн негизсиз динине кайтаруу үчүн ыймансыздардын колдонгон тактикалары болгон. Бирок ыймандуулар мындай чабуулдардын дайыма алардын жакшылыгына айланаарына жана аягында өздөрүнүн туура жолдо экендигинин белгилүү болооруна толук ишенишкен. Ошондуктан жалган жалааларга жана акараттарга дайыма эң акылман жоопторду беришкен, жана сабыр кылып Аллахка таянуу керек экенин, ошондо гана ийгиликке жете алышаарын унутушкан эмес.

Өткөн замандардагы ушул мисалдар сыяктуу мындан соң да мусулмандар дайыма Аллах жараткан тагдырга моюн сунуп, ар бир окуянын жакшылык менен бүтөөрүн билип, Аллахка таянышы өтө маанилүү. Буга жеткен ыймандуу дүйнөнүн эң чоң утуштарынын бирине жетет. Себеби Аллах аяттарында Ага таянгандарга (тобокел кылгандарга) жардам берээрин, жана алардын эч качан «жардамсыз» калбай турганын төмөнкүчө кабар берген:

**Эгер Аллах силерге жардам берсе, силерди эч ким жеңе албайт жана эгер силерди жападан жалгыз жана жардамсыз таштаган болсо, андан соң силерге ким жардам берет? Демек ыймандуулар бир гана Аллахка тобокел кылышсын.» (Али Имран Сүрөсү, 160)**

## Ыймансыздардын кол салуулары

Ыймансыз коомдор тарых бою ыймандуулардын Аллах жолунда болушун, дин менен жашашын жана адамдарды динге чакырышын өздөрүнүн негизсиз (жалган) динине бир коркунуч катары көрүшкөн. Ошондуктан көбүнчө ыймандууларды алсыздатуу үчүн жогоруда айтылгандай жалган жалааларды колдонушкан. Алардын жетишсиз экенин көргөндө болсо коркутуу, камоо, кыйноо жана мекендеринен мажбурлап сүрүү сыяктуу ар кандай жолдорду кылып көрүшкөн.

Ыймандуулардын ал адамдар менен болгон күрөштө кээде жаман мамилелерге кабылышы ыймансыз коомдун чектен чыккандыгынын бир көрсөткүчү. Бирок ыймандуулар мындай мамилелерге дайыма жакшылык көзү менен карап, башында жамандай көрүнгөн окуяларда Аллахтын өтө жакшы натыйжа каалаганын билишет. Чыныгы жакшылыкка жетүүнүн кыйын учурларда сабыр кылууну жана Аллахка таянууну талап кылаарын жакшы билишет. Аллах мусулмандардын мындай мыкты мүнөзүн бир аятында төмөнкүчө кабар берген:

**... Бирок жакшылык Аллахка, акырет күнүнө, periштелерге, Китепке жана пайгамбарларга ыйман кылган; мал-мүлктү жакшы көргөнүнө карабастан, аны**

**жакындарга, жетимдерге, жакырларга, жолдо калганга, тилемчиге жана кулдарга берген; намазды туптуура окуган, зекетти берген жана убадалашканда убадаларына тургандар менен кыйынчылыкта, ооруда жана согуш күчөгөн учурларда сабыр кылгандар(дын иш-аракеттери). Мына ошолор чынчылдар жана такыбалар (Аллахтан корккондор) да ошолор. (Бакара Сүрөсү, 177)**

Ахзаб Сүрөсүндө Пайгамбарыбыз (сав) доорунда болгон бир окуяны ойлонгонубузда да мындай сырлардын кээ бирлерин көрө алабыз. Ал окуяда ыймансыздар тарабынан бүт тараптан курчоодо калган ыймандуулардын сыналып, катуу чайпалышканы кабар берилген. Ошондой оор сыноо шартында эки жүздүүлөр менен «жүрөктөрүндө оорусу барлар» (карасанатайлар) ар кандай шылтоолор менен качып өздөрүнүн чыныгы жүзүн көрсөтүшкөн.

Ушундай оор учур аркылуу ыймандуулардын арасында көптөн бери жашынып келген, «жүрөктөрүндө оорусу бар» адамдар менен эки жүздүүлөр ашкере болушкан. Адам денесинде тымызын чоңойгон бир рак сыяктуу чогулган топ ушундай кыйынчылык учурунда тарап кеткен. Аллахтын ыймандууларга болгон мээрими менен колдоосу ачык көрүнгөн. Бул окуяда эки жүздүүлөрдүн тескерисинче, ыймандуулар ал кыйынчылыктагы чоң жакшылыктарды көрүп, Аллахтын аяттарын башынан өткөрүп жатканы үчүн ыймандары күчтөнүп, Аллахка болгон жакындыгы өскөн:

**Ыймандуулар (душман) топторун көргөндө болсо айтышты: «Бул Аллах жана Элчиси бизге убада кылган нерсе; Аллах жана Элчиси туура айткан.» Жана (бул) алардын ыймандарын жана (Аллахка) жакындыктарын гана көбөйттү. (Ахзаб Сүрөсү, 22)**

Бул мисалдан көрүнүп тургандай, оор кырдаал ыймандуулар үчүн чоң жакшылыкка айланса, ал жакшылыкты түшүнө албаган карасанатай адамдардын ан сайын ыймансыздыкка түртүлүшүнө себеп болуп, алардын зыянына айланган. Ошондой эле, бул окуяда ыймандуулар жамандардан тазалангандан тышкары, дагы бир жакшылык катары аларга зыян тийгизүүгө аракет кылган ыймансыздардын бүт аракеттери да текке кеткен. Ахзаб Сүрөсүндө ыймансыздар эч бир жакшылыкка жете албай, кекенип, кыжырданган бойдон артка кайтканы төмөнкүчө кабар берилген:

**Аллах ыймансыздарды (каапырларды) кекенген ачуулары менен артка кайтарды, алар эч бир жакшылыкка жете алышкан жок... (Ахзаб Сүрөсү, 25)**

## Мусулмандардын хижраты (көчүү)

Керек болгондо бүт мал-мүлкүн таштап көчүү Куранда кабар берилген бир ибадат. Ошондуктан Аллах жолунда хижрат кылган мусулмандар өз мекендерин таштоого мажбур болушун дайыма жакшылык көзү менен карашкан. Себеби Куранда

айтылгандай, хижрат кылгандар Аллахтын мээримин үмүт кыла ала турган адамдар арасында саналган:

**Эч күмөнсүз, ыйман кылгандар, хижрат кылгандар жана Аллах жолунда жехд кылгандар (аракет кылгандар); мына ошолор Аллахтын мээримин үмүт кыла алышат. Аллах кечиримдүү, боорукер. (Бакара Сүрөсү, 218)**

Караңгы адамдардын түшүнүгү менен караганда, бир адамдын элдин кысымчылыгы менен үйүнөн, мекенинен чыгарылышы же таанымбаган бир жерге сүрүлүшү – бүт өмүрүн астын-үстүн кыла турган бир окуя. Бирок эң биринчиден муну айта кетүү керек, Аллахтын динин четке каккандардын көпчүлүгүнөн терс мамиле көрөөрү ансыз да ыймандууларга алдын ала кабар берилген. Ошондуктан мусулмандар диниңерди таштагыла деп мажбурланганда, негизи Аллахтын аяттары көрүнүп жаткан болот. Ошондуктан хижрат кылган же мекендеринен мажбурлап сүрүлгөн ыймандуулар дайыма буга кубануу менен карашкан. Пайгамбарыбыз (сав) доорунда жашаган сахабалардын жогорку адеп-ахлагы менен Аллахка тобокелдиги (таянычы) мунун эң сонун мисалдарынан.

Алар Пайгамбар Мырзабызды (сав) ээрчигенде Аллахтын алардан ыраазы болоорун үмүт кылышканы үчүн ар кандай кыйынчылыкка даяр болушкан. Мусулмандардын жакшылыгы үчүн мекендеринен эч ойлонбой чыгышып, бүт дүнүйө мүлктөрүн таштай алышкан. Аллах алардын мындай мыкты мүнөзүнүн жана окуяларга жакшылык көзү менен карашынын бир сыйлыгы катары аларга түбөлүк бейиши менен мээримин убада кылган. Албетте, Аллахтын убадасы сөзсүз болот:

**Раббилери аларга (дубаларын кабыл алып) жооп берди: «Күмөнсүз, Мен эркек болсун, аял болсун, силерден бир (сооптуу) иш кылгандын ишин текке кетирбейм. Силер бири-бириңерденсиңер. Хижрат кылгандардын, мекендеринен сүрүлүп-чыгарылгандардын жана (Менин) жолумда кыйноого кабылгандардын, согушуп өлтүрүлгөндөрдүн сөзсүз жамандыктарын жашырам жана аларды астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизем. (Бул) Аллах Кабатынан бир акы (сооп). (Ал) Аллах, акынын (сооптун) эң сонуну – Анын Кабатында.» (Али Имран Сүрөсү, 195)**

Хижрат кылган мусулмандардын акыреттеги чексиз сыйлыктан тышкары, дүйнөдө да молчулук жана жакшылык менен сыйланаары Куранда төмөнкүчө сүйүнчүлөнгөн:

**Аллах жолунда хижрат кылган жер жүзүндө жашай турган көп мекен да табат, береке (жана бардарчылык) да. Аллахка жана Элчисине хижрат кылуу үчүн үйүнөн чыккан, кийин ага өлүм келген адамдын сооп-сыйлыгын, күмөнсүз, Аллах берет. Аллах кечиримдүү, мээримдүү. (Ниса Сүрөсү, 100)**

**Зулумдукка туш болгон соң, Аллах жолунда хижрат кылгандарды дүйнөдө күмөнсүз сонун кылып жайгаштырабыз; акырет сыйлыгы болсо чоңураак. Билишсе кана. Алар сабыр кылгандар жана Раббилерине тобокел кылгандар (таянгандар). (Нахл Сүрөсү, 41-42)**

## Пайгамбарыбыздын (сав) ааламдарга өрнөк тобокелдиги

Аз. Мухаммед (сав) бүт башка пайгамбарлар сыяктуу өмүр бою көптөгөн кыйынчылыктарга туш болуп, ал учурлардагы сабыры жана тобокелдиги (Аллахка таянычы) менен мусулмандарга сонун өрнөк болгон. Куранда айтылган бир окуя Аз. Мухаммед (сав)дын мыкты мүнөзүн жана Раббибизге болгон бекем тобокелдигин өтө жакшы баса көрсөткөн.

Пайгамбарыбыз (сав) Меккеден чыкканда мушриктер аны өлтүрүү максатында артынан куугунга түшүшкөн. Пайгамбар Мырзабыз алардан жашынуу үчүн бир үңкүргө кирген, бирок мушриктер ал үңкүрдүн эшигине чейин келишкен. Ушундай оор учурда Пайгамбарыбыз (сав) жанындагы ыймандуу досуна кайгырба деп, ага Аллахка тобокел кылууну эскерткен:

**Силер Ага (пайгамбарга) жардам бербесеңер, Аллах Ага жардам берген. Каапырлар экөөнүн бири абалда Аны (Меккеден) чыгарышкан эле; экөөсү үңкүрдө турушканда курдашына мындай деген эле: «Кайгырба, албетте Аллах биз менен бирге.» Ушундайча Аллах Ага «бейпилдик жана ишеним сезимин» түшүргөн эле, Аны силер көрбөгөн аскерлер менен колдоп, каапырлардын сөзүн (каапырчылыкка чакырыктарын) төмөн кылган эле... (Тообо Сүрөсү, 40)**

Эч күмөнсүз, куттуу Пайгамбарыбыздын (сав) өмүрү коркунучта турганда коркпой, кайгырбай, тынчсызданбай турушунун жалгыз себеби – Аллахка болгон ишеними жана Ал тагдырда жараткан бүт окуялардын жакшылыкка толо экенин билиши эле. Натыйжада эч зыян көрбөй, Мединага жеткен жана Ислам тарыхында өтө маанилүү бир бурулуш чекити болгон хижрат болуп бүткөн.

## Аз. Мусанын жогорку мүнөзү

Аз. Мусанын тарых бою жашап өткөн эң чектен чыккан адамдардын бири болгон Фараон менен болгон күрөшү Куранда терең баяндалган. Аз. Мусанын Аллахтын динине чакырышына Фараон коркутуп-үркүтүү менен жооп берген. Ыймандууларды чыныгы динден буруу үчүн ар кандай жолду колдонгон Египет өкүмдары Фараондун алдындагы Аз. Мусанын бийик адеп-ахлагы жана тобокелдиги ааламдарга өрнөк боло турган деңгээлде. Ал доорду Куран аяттарынын негизинде төмөнкүдөй сүрөттөөгө болот: бир тарапта Фараон – өлкөнүн башчысы жана сырттан караганда бүт күч колунда турган

киши; экинчи тарапта болсо жанында аз гана адамы менен Аз. Муса турган... Окуяларды сырттан көрүнгөн тарабы менен баалаган, чындык ким тарапта болсо ошол эмес, ким күчтүү болсо ошол жеңет деп ойлогон караңгы түшүнүк Фараонду бул күрөштө сөзсүз жеңишке жетет деп ойлогон болушу мүмкүн. Бирок минтип ойлогондор өтө чоң жаңылыштыкка түшүшкөн. Себеби Аллах мындай деп өкүм берген:

**Аллах жазып койгон: «Ант болсун, Мен жеңишке жетишем жана элчилерим да.» Чындыгында, Аллах – эң улук күч-кубат ээси, күчтүү жана баарынан жогору. (Мүжаделе Сүрөсү, 21)**

Аллах пайгамбарларына болгон бул убадасын орундатып, Аз. Мусаны Фараондон жогору кылган. Аны бир тууганы Аз. Харун менен жана Өз жардамы менен колдогон. Ошондой эле, Аллах Аз. Мусага ар кандай кереметтерди берип, аны менен сүйлөшүү аркылуу аны башка адамдардан жогору кылган. Куранда адамдарга өрнөк болушу үчүн баян кылынган бул күрөш ыймандуулардын зыянына сыяктуу көрүнгөн бир жагдайдын Аллахтын каалоосу менен бир заматта кантип тескериге айланганын апачык көрсөтөт.

Ал окуялардын бири төмөнкүчө болгон: Фараон менен армиясы Египеттен качкан Аз. Мусаны жана жанындагы ыймандууларды кармоо үчүн жолго чыгышкан. Фараон аларды көргөндө ыймандуулар деңизге келип калышкан. Мына ошондогу Аз. Мусанын сөздөрү өтө маанилүү. Аз. Муса алдында деңиз, артында болсо Фараон армиясы турганда, Аллахтын жардамынын келээрине ишенип, бийик адеп-ахлагын көрсөткөн. Куранда бул окуя төмөнкүчө кабар берилет:

**Ошентип (Фараон менен аскерлери) күн чыгаарда аларды кууп жөнөштү. Эки топ бири-бирин көргөндө, Мусанын адамдары: «Чындап кармалдык» дешти. Муса: «Жок» деди. «Күмөнсүз, Раббим мени менен бирге; мага жол көрсөтөт.» Анан (Биз) Мусага: «Асаң менен деңизди ур» деп вахий кылдык. (Урду жана) Деңиз ошол замат экиге бөлүндү да ар бир бөлүгү чоң бир тоодой болду. Беркилерди да ал жерге жакындаттык. Мусаны жана анын жанындагыларды куткардык. Кийин беркилерди сууда чөктүрдүк. Албетте, мында бир аят бар. Бирок алардын көпчүлүгү ыйман келтиришпейт. Жана эч күмөнсүз, сенин Раббиң күчтүү жана улуу, боорукер. (Шуара Сүрөсү, 60-68)**

Бул жерде негизги көңүл буруу керек болгон жагдай мындай: Аз. Муса оор, татаал күрөштө окуяларга дайыма Аллахтын жардамынын жанында экенин билип, башына келген окуялардын баарын жакшылыкка жооруган жана эң кыйын учурда да Аллахка таянып, Ага жакындыгын жана моюн сунуучулугун көрсөткөн.

## Аз. Йусуфтун күчтүү моюн сунуучулугу

Ыймандуулар үчүн «жамандыктай көрүнгөн» окуялардын жакшылыкка айланышы жөнүндө Куранда берилген эң сонун мисалдардын бири болсо – бул Аз. Йусуфтун өмүрү. Аз. Йусуф бала кезинен баштап башына келген ар кандай окуяда токтоолук жана Аллахка жакындыгы менен өзгөчөлөнгөн. Кыйын учурлардагы тобокелдиги менен чын ыкластуу бир ыймандуунун кандай болушу керектигине эң жакшы өрнөктөрдүн бири болгон. Өзүнө Аллахты дос туткан Аз. Йусуф бүт нерсенин «досунан» келээрин билип, ар кандай окуяда бир жакшылык издеген. Ошондуктан өмүрүндө башына келген ар кандай сыноону бир мүмкүнчүлүк катары көрүп, дайыма токтоо жана тобокелдүү мүнөздө болгон.

Аз. Йусуф кабылган адилетсиздиктердин биринчиси бир туугандары тарабынан жасалган. Аз. Йусуфка көрө албастык кылган бир туугандары аны бир кудукка таштап, аталары менен үйүнөн алыстатышкан. Аллах бир жолоочу кербенди себепчи кылып, Аз. Йусуфту бул тузактан куткарган. Жолоочу кербен бала курактагы Аз. Йусуфту кудуктан чыгарып өздөрү менен кошо ала кетишкен. Андан соң Йусуф пайгамбарды Египеттин алдыңкыларынын бирөөсү сатып алып үйүнө киргизип алган. Аз. Йусуфтун сулуулугунан улам кожоюнунун аялы болсо аятта айтылгандай, «аны менен болгусу келген». Аз. Йусуф болсо аны никесиз байланышка мажбурлаган аялдан качкан. Бийик адеп-ахлак өрнөгү болгон Аз. Йусуф дагы бир адилетсиздикке туш болуп, бул жолу аялдын куру дооматы менен айыпталган. Жүргүзүлгөн иликтөөдө Аз. Йусуфтун күнөөсүз экени далилдери менен көрүнүп турганына карабастан, аны зынданга салууну чечишкен:

**Анан аларда (Йусуфтун тазалыгына байланыштуу) далилдерди көрүшкөн соң, сөзсүз аны белгилүү бир убакытка чейин зынданга таштоо (пикири) үстөм болду. (Йусуф Сүрөсү, 35)**

Көрүнүп тургандай, Аз. Йусуф намысын (тазалыгын) сактаганы үчүн жалган жалаага калган. Ал жалаанын натыйжасында көп убакыт бою зынданда калган Аз. Йусуф камактагы жашоонун ар кандай кыйынчылыгына сабыр кылып Аллахка таянган. Аз. Йусуф зынданда көп мөөнөт жаткан, бирок Куранда айтылгандай тагдырына толук моюн сунуп, бийик адеп-ахлагы менен бүт ыймандууларга өрнөк болгон. Муну билүү керек: Аз. Йусуф өмүр бою көрсөткөн сабырынын, тобокелдигинин (Аллахка таянычынын) жана бүт нерсени жакшылыкка жоруунун сыйлыгын дүйнөдө да, акыретте да эң сонун алган.

Аллах көп окуяларды себеп кылып Аз. Йусуфка дүйнөдө өтө чоң байлык жана өкүмдарлык берген. Аз. Йусуфтун бүт башына келген окуяларды жакшылыкка жорушу жана Раббибизге болгон дубасы Куранда төмөнкүчө кабар берилет:

**Атасын жана апасын тактыга чыгарып отургузду; ал үчүн сажда кылышты. Мындай деди: «Эй ата, бул мурда көргөн түшүмдүн жорулушу. Чындыгында,**

**Раббим аны чындыкка айлантты. Мага жакшылык кылды, себеби мени зындандан чыгарды. Шайтан мени менен бир туугандарымдын арасын бузган соң, (Ал) чөлдөн сиздерди алып келди. Күмөнсүз, менин Раббим каалаганын абдан кылдат тартипке салып, чара көрүүчү. Чындыгында Ал билүүчү, өкүмдар жана даанышман.» «Раббим, Сен мага мүлктөн (бир үлүш жана аны башкаруу мүмкүнчүлүгүн) бердиң, сөздөрдү жоромолдоодон (бир илим) үйрөттүң. Асмандардын жана жердин Жаратуучусу, дүйнөдө жана акыретте менин велим (досум) – Сенсиң. Мени мусулман кылып жанымды ал жана мени салихтердин (ыкластуу пенделериңдин) катарына кош.» (Йусуф Сүрөсү, 100-101)**

Эч күмөнсүз, бул кысса (баян) ыймандуулардын чын ниеттүү тобокелдигинин артынан сыйлык алаарына сонун бир мисал. Чын ыкластуу бир ыймандуу да Аз. Йусуф сыяктуу бүт окуялардын максаттарын, жакшылыктарын көрүүгө, түшүнүүгө аракет кылышы керек. Аллахка таянып, Ага корголонуп, ушундай илимди, ушундай түшүнүктү тилеши зарыл. Ыймандуу киши адамдарды күн сайын кайгыга салган чоң же кичине окуялардын же өтө маанилүүдөй көрүнгөн окуялардын эч качан ыймандуунун зыянына болбошун унутпашы керек. Бул Аллахтын тагдыр мыйзамына карама-каршы келет. Аллах ар бир окуяны сөзсүз ыймандуунун пайдасына жаратат. Аллах ыймандуунун жүрөгүнө окуянын жакшылык тарабы менен сырын илхам кылышы мүмкүн, бул зор бир сый-жакшылык. Бирок Аллах илхам кылбаса да, мусулман сабыр кылып, «сөзсүз жакшылык бар» дей алышы керек. Себеби бул Аллахтын ыраазылыгына ылайыктуу бир мамиле болот.

# АЛЛАХТЫН ИШЕНГЕНДЕРГЕ УБАДАСЫ ЖАНА ЖАРДАМЫ

Ар доордо ыймансыздар Курандын «... Бирок адамдардын көпчүлүгү ыйман кылышпайт» (Рад Сүрөсү, 1) деген аятында айтылгандай, жер жүзүндөгү адамдардын көпчүлүгүн түзөт. Ыймансыздар дайыма мусулмандардан сан жагынан көп болушат. Ошондуктан бул акылсыз жана аңкоо адамдар өздөрүн дайыма туура жолдобуз деп ойлошот. Материалдык күчү менен санынын ыймандуулардан көп болушу аларга ишенимдүүлүк сезимин берет. Ошондуктан окуяларга дайыма тышкы көрүнүшүнө карап баа берген караңгы адамдар өздөрүнүн жогорулугуна жүз пайыз ишенишет. Бирок алар билбеген өтө улуу бир чындык бар, ал – Аллахтын ыймандууларга убадасы менен колдоосу:

**... Аллах каапырларга ыймандуулардын зыянына эч качан жол бербейт. (Ниса Сүрөсү, 141)**

Аллах жогорудагы аятында көңүл бургандай, бүт нерсени ыймандуулардын пайдасына кылат жана аларга ар кандай жолдордон колдоо көрсөтөт. Инширах Сүрөсүндө мусулман үчүн ар кандай кыйынчылык менен бирге жеңилдиктин да жаратылаары жөнүндөгү сыр кабар берилген. Ооруну жараткан Аллахтын шыпааны да жаратышы сыяктуу, ар бир кыйынчылыктын жанында жеңилдик болот. Бул чындык төмөнкүчө кабар берилген:

**Демек, чындыгында кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар. Чындыгында, кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар. (Инширах Сүрөсү, 5-6)**

Аллахтын мындай колдоосу менен жардамын ыймандуулар гана билишет. Жана алар өмүр бою баштарына эмне гана келбесин, Аллахтын дайыма ыймандуулардын велиси (досу) жана жардамчысы экенин билип, бейпилдик жана ишенимдүүлүк сезиминде болушат. Аллах кулдарына мындай убада берген:

**Аллах силердин душмандарыңарды жакшыраак билүүчү; бир вели (эң ишенимдүү бир дос) катары Аллах жетет, бир жардамчы катары да Аллах жетет. (Ниса Сүрөсү, 45)**

Ыймансыздар менен эки жүздүүлөр болсо көп нерселерден коркушат. Аллахка гана ыйман кылбаганы, Ага шерик кошкону, бүт окуяларды жана бүт нерселерди ээнбаш

деп ойлогону үчүн дайыма коркуп, тынчсызданып жашашат. Бул Аллах ыймандууларга каршы күрөшкөндөрдүн жүрөгүнө салган бир коркуу:

**Раббиң периштелерге вахий кылган эле: «Күмөнсүз, Мен силер мененмин, ыймандууларга бекемдик кошкула, ыймансыздардын жүрөгүнө күчтүү бир коркуу салам...» (Энфал Сүрөсү, 12)**

Аллахтын жардамы менен колдоосу мусулмандын бүт өмүрүн камтыйт. Тарых бою Аллах ыймандууларга ар кандай жолдор менен жардамын жеткирген. Кээде пайгамбарларына кереметтер берген; кээде мусулмандарга көрүнбөгөн аскерлер жана периштелер менен, ал тургай, табигый кубулуштар менен колдоо көрсөткөн; кээде болушу эч мүмкүн эместей көрүнгөн окуяларды болтурган. Куранда кабар берилген мындай мисалдардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Эй ыйман келтиргендер, Аллахтын силерге берген нематын (сый-жакшылыгын) эстегиле. Силерге душман аскерлери келген эле; Биз алардын үстүнө бир шамал жана силер көрбөгөн аскерлер жөнөткөн элек. Аллах кылгандарыңарды көрүүчү. (Ахзаб Сүрөсү, 9)**

**Силер Раббиңерден жардам сурап жаткан элеңер, Ал: «Күмөнсүз, Мен силерге бири-биринин артынан миң перилште менен жардам беремин» деп жооп берген эле. (Энфал Сүрөсү, 9)**

**Бет маңдай келген эки топто силер үчүн ант болсун бир аят (сабак) бар. Бир топ Аллах жолунда согушуп жаткан эле, экинчиси болсо каапыр эле, алардын көзүнө маңдайындагылар алардан эки эсе көп көрүнүп жаткан. Аллах ушундайча каалаганын жардамы менен колдойт. Күмөнсүз, мында көрө алгандар үчүн чындыгында бир сабак бар. (Али Имран Сүрөсү, 13)**

## Ыймандууларга курулган тузактардын баары башынан бузулган

Ыймансыздар ыймандууларга каршы жүргүзгөн күрөшүндө ар кандай тымызын ыкмаларды колдонушат. Андай ыкмалардын эң көп колдонулгандарынын бири – бул ыймандууларга каршы биригип, аларга ар кандай тузактарды куруу. Сан жагынан көп болуп, тузактарын тымызын курушканы үчүн ийгиликке жетебиз деп ойлогон ыймансыздар план түзүп жатканда эки кишинин үчүнчүсүнүн, үч кишинин төртүнчүсүнүн Улуу Аллах экенин унутушат. Аллахтын адамдарга күрөө тамырынан да жакыныраак экенин болсо такыр билишпейт. Чындыгында болсо, Аллах жашырышса да, ачык айтышса да, «ичтеринде жашыруун тургандын баарын билет». Ыймансыздардын

ыймандууларга каршы ойлогон ар бир ойун, курган ар кандай тузагын, түзгөн ар бир планын да Аллах толук билет.

Эң негизгиси, бүт нерсени билген Аллах Куранда ыймансыздар курган тузактардын баарынын башынан бузулганын кабар берген. Канчалык ойлонуштурулган, канчалык тымызын, канчалык чоң болбосун, ыймандууларга каршы курулган бүт тузактарды бүт нерсенин Жаратуучусу Аллахтын кулатаары Куранда төмөнкүчө кабар берилет:

**... Чындыгында Аллах каапырлардын тузактарын текке кетирүүчү. (Энфал Сүрөсү, 18)**

**Чындыгында алар тузак курушту. Бирок алардын тузагы тоолорду ордунан кыймылдата турган болсо да, Аллах Кабатында аларга даярдалган тузак (жаза) бар. (Ибрахим Сүрөсү, 46)**

Ошондой эле, Аллах мындай тузактардын чын ыкластуу кулдарына зыян тийгизбей турганын, ал тузактардын баарынын аларды кургандардын өзүнө кайтаарын да кабар берген:

**... Чындыгында тузак өз ээсинен башкасын ороп-курчабайт. Эми алар мурдакылардын сүннөтүнөн башкасын күтүп жатышабы? Сен Аллахтын сүннөтүндө (мыйзамында) эч кандай өзгөрүү көрө албайсың жана сен Аллахтын сүннөтүндө эч кандай бир артка кайтуу да көрө албайсың. (Фатыр Сүрөсү, 43)**

Бул жерде белгилей кетчү эң негизги жагдай мындай: ыймандуулар Аллахтын бул убадасына (каапырлардын тузактарын текке кетириши) толук ишенишет. Аллахтын жардамынын дайыма алар менен бирге экенин билип, Аллахка тобокел кылып (таянып) жашашат. Башынан бери айтылып келе жаткандай, Аллахка болгон ушундай таянычынан улам башына келген ар кандай окуянын жакшы тараптары менен сырларын көрө алышат, же көрө албаса да ар кандай окуянын ыймандуулар үчүн сөзсүз бир жакшылык менен бүтөөрүнө анык ишенишет.

## «Аллахтын тараптарлары жеңишке жетишет»

Мусулмандар «жамандыктай» көрүнгөн окуяларды да жакшылык көзү менен карап, Аллахка таянуунун сыйлыгын дайыма эң сонун алышкан. Аяттарда мындай деп айтылат:

**Алар адамдар аларга: «Силерге каршы адамдар чогул(т)ушту, эми алардан корккула» дешкенде, ыймандарын көбөйткөндөр жана: «Аллах бизге жетет, Ал кандай сонун векил (өкүл, таяныч)» дегендер. Мындан улам аларга эч бир**

**жамандык тийбестен, бир молчулук (берешендик) жана Аллахтан бир сый-жакшылык менен артка кайтышты. Алар Аллахтын ыраазылыгын көздөштү. Аллах өтө берешен (жоомарт). (Али Имран Сүрөсү, 173-174)**

Бир нерсени эске салуу керек: кээде сыртынан караганда сырткы көрүнүштө ыймансыздар жеңишке жеткендей көрүнүшү мүмкүн. Чындыгында болсо, бул Аллахтын ыймандууларга болгон бир сыноосу гана болот. Ушундайча чын ыкластуу ыймандуулар менен жалкоолук кылгандар бир-биринен бөлүнүшөт. Тобокел кылган (Аллахка таянган), сабыр кылган жана окуяларга жакшылык көзү менен караган мусулмандар, эч күмөнсүз, Аллахка болгон ишеними менен туруктуулугун апачык көрсөтүшөт. Ушул себептен дүйнөдө жана акыретте Аллахтын ыраазылыгына жетип, жеңишке жете тургандар дайыма ыймандуулар болот:

**Ким Аллахты, Анын Пайгамбарын жана ыймандуу адамдарды дос (вели) тутса, албетте Аллахтын тараптарлары гана жеңишке жетишет. (Маида Сүрөсү, 56)**

# ЖЫЙЫНТЫК

Ыймандуулар ар бир окуяны эң майда-чүйдөсүнө чейин Аллахтын жаратканын жана баарынын тагдырда алдын-ала белгиленген окуялар экенин билип, тагдырга толук моюн сунуп жашашат. Албетте, ыймандуулар да өмүр бою көптөгөн кыйынчылыктарды жана ар кандай сыноолорду башынан өткөрүшөт. Бирок эч качан «аттиң мындай болгондо», «мындай кылсам, жакшыраак болмок» деген сыяктуу сөздөрдү айтышпайт жана мындай куру санааларга түшүшпөйт. Окуялардын маңызында балким эч билбеген бир сыр жана жакшылык бар экенине толук ишенишет. Натыйжада көңүлдөрүнө жакпаган, кыйынчылыктай көрүнгөн учурларда да көңүлдөрү өтө тынч болот.

Ал эми бул сырды билбеген ыймансыздар болсо чоң же кичине болсун, жаман деп ойлогон ар кандай окуяда өтө кайгырышат. Жашоолорун көбүнчө бактысыздык менен үмүтсүздүк ээлейт. Чындыгында болсо, адам табияты дайыма анын бейпил, көңүлү тынч жашашын талап кылат. Себеби кайгы, стресс жана капалануу адамга дене жагынан да, руханий жактан да көп зыяндар алып келет. Аллахка таянып ишенбеген жана ар бир окуяга жакшылык көзү менен карабаган адамдын кайгырып, капаланышы жана стресске түшүшү ал кишини оройт. Келечектен коркуу, өлүмдөн коркуу, ооруп калуудан коркуу, байлыгынан ажырап калуудан коркуу сыяктуу коркуулар эч бүтпөйт.

Адам бүт окуяларды Аллахтын сөзсүз бир жакшылык жана максат менен жаратканын билип жашаганда гана кутулууга жетет. Ыймандуу адам башына келген ар кандай окуяны Аллахтын бир жакшылык жана терең максат менен жаратканын билгенде гана, Аллахка чындап тобокел кылат (өзүн тапшырат). Чыдоо менен эмес, сонун бир сабыр менен сабырдуулук кылса, кулчулук милдетин туура аткарган болот. Коопсуздукка, бейпилдикке жана күч-кубатка жетүү Аллахтын кудурети менен келчү нерсе. Дуба жана тобокелдик менен, бүт нерсени Аллахтан күтүү – ыймандуунун сыпаты.

Ыйман бул дүйнөдө бейиштин эшиги алдында турганда ар кандай окуяларга жолугуп, сыналат. Ал окуяларда Аллахтын мээримине, ыраазылыгына, бейишине жеткире турган мыкты мамилесин көрсөткөн, тозоктон тартынган, Аллахтан корккон жана жакшылыктарды көргөн, өзү көрө албаса да, ар бир окуянын жакшы тараптарын Аллахтын билээрин билген бир адам.

Аллах Андан коркуп тартынган кулдарынын тагдырларында белгиленген, сөзсүз баштарына келе турган бир окуяны аяттарда төмөнкүчө кабар берген:

**Раббилеринен коркуп-тартынгандар бейишке топ топ киргизилишти. Аягында ал жерге келишкенде, эшиктери ачылды жана аларга (бейиштин) кароолчулары айтышты: «Силерге салам болсун, кош жана таза келдиңер. Түбөлүк туруучулар катары ага киргиле.» (Алар) Айтышты: «Бизге берген убадасында бекем болгон жана бизди бул жерге мураскор кылган Аллахка мактоолор болсун.**

**Бейиштен каалаган жерибизде конок боло алабыз. (Чын ыкластуу) Иштерди жасагандардын сыйлыгы – кандай сонун. Периштелердин да Арштын айланасын торошкон абалда Раббилерин мактоо менен аруулап жаткандыгын көрөсүң. Араларында чындык менен өкүм чыгарылды жана: «Ааламдардын Раббисине мактоолор болсун» деп айтылды. (Зүмер Сүрөсү, 73-75)**

# ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – Жараткандын бар экенин жокко чыгаруу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фосилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фосил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын дооруңдагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар

өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»** *(Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2*)

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»** *(Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196)*

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс

Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? *(Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда. *(Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)*

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул

чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтууга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189)*

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184)*

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

«Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет». *(B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фосилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фосилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фосилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

«Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фосил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн. (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179)

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фосилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фосили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фосил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фосил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133)

Башкача айтканда, фосил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.» *(Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197)*

Фосилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, **«түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.**

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York:*

*Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фосилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, Kasım 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.» *(S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30)*

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фосилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

«Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фосил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19)*

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фосилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы

инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз **атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт**. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду

караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган

даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фосилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта

да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

«Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз. *(Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28)*

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен

эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир карашты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок

кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

**Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим**. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат. *(Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43)*

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн**
**башка биздин эч кандай илимибиз жок.**
**Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү,**
**өкүмдар жана даанышмансың.»**
**(Бакара Сүрөсү, 32)**

Адам бул дүйнөгө келгенден баштап уккан ар бир сөзүн, көргөн нерселеринин баарын, башына келген бүт окуяларды чексиз акылдуу, кудуреттүү жана адилеттүү Аллах жаратат. **«Эч күмөнсүз, Биз бүт баарын тагдыр менен жараттык.»** (Камер Сүрөсү, 49) аятында да кабар берилгендей, ал окуялар бир план жана чексиз даанышмандык менен жаратылат. Демек, адам Аллахтын чексиз акылына жана чексиз даанышмандыктарга толо тагдырга моюн сунушу керек. Ыйманды жүрөгүнө толук орноткон жана тагдырга толук моюн сунган бир ыймандуу адам башына келген эч бир окуяга кайгырбайт, коркпойт жана үмүтсүздүккө түшпөйт.

Тобокелсиздик, тынчсыздануу, кайгыруу, үмүтсүздүк, пессимизм ыймандуууга жарашпайт жана ыймандуу адам мындайдан мүмкүн болушунча качынышы керек, антпесе акыретте аны уят кылат. Аллахка ыйман кылган бир адам жамандыктай көрүнгөн бир окуяга туш болгондо, негизи мунун ал үчүн сөзсүз эң жакшысы экенин билет. Себеби Бакара Сүрөсүнүн 216-аятында Аллах **«... (Кээде) бир нерсени жаман көрүшүңөр мүмкүн. Чынында ал силер үчүн жакшылык. Ошондой эле (кээде) силер жакшы көргөн нерсе өзүңөргө жамандык болуп чыгат. Аллах билет, силер билбейсиңер.»** деп билдирген. Бул чындыкты түшүнгөн ыймандуу адам үчүн үзгүлтүксүз ыйман кубанычы өмүрүнүн туруктуу өзгөчөлүгүнө айланат.

Аллах белгилеген тагдыр кемчиликсиз. Миллиондогон окуядан турган бул бүтүндө жакшылык көзү менен караган ар бир адам үчүн бир гана кооздуктар, жакшылыктар жана даанышмандыктар бар.

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Харун Яхья деген атты колдонгон Аднан Октар 1956-жылы Түркиянын Анкара шаарында төрөлгөн. 1980-жылдардан бери ыймандык, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектерди жазган. Мындан тышкары, автордун эволюционисттердин көз бойомочулуктарын, көз-караштарынын жараксыздыгын жана дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон тымызын байланыштарын ачып көрсөткөн өтө маанилүү эмгектери бар.

Автордун бүт эмгектериндеги негизги максат – бул Куранды дүйнөгө жеткирүү, жана натыйжада адамдарды Аллахтын бар экени, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыймандык темалар жөнүндө ойлонууга чакыруу жана атеисттик системалардын чирик пайдубалдарын жана туура эмес иш-аракеттерин көз алдыга тартуулоо. Автордун бүгүнкү күнгө чейин 73 тилге которулган 300дөн ашуун эмгеги дүйнө жүзүндө өтө көп окурмандар тарабынан окулууда.

Харун Яхья эмгектер жыйнагы, Аллахтын уруксаты менен, 21-кылымда дүйнө жүзүндөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттүүлүккө, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болот.